Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
7-октябры

№76 (3732)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

## УЛУТТУК КООПСУЗДУККА ӨЗГӨЧӨ МАМИЛЕ

***Президент Садыр Жапаров кечээ Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Бишкек шаары боюнча Башкы башкармалыгынын имаратынын ачылыш аземине катышты.***

Мамлекет Башчысы офицерлерге, ардактуу коноктorго кайрылып, бүгүнкү күндө өлкө турмушунун бардык чөйрөсүнө, анын ичинде артыкчылык берилген багытыбыз – улуттук коопсуздук маселелерине өзгөчө көңүл бурулуп келатканына жалпыбыз күбө болуп жатканыбызды белгиледи.

Ал кайсыл тармакты албайлы, алгач анын инфратүзүмүн, анда иштеген кызматкерлердин шарттарын жакшыртууга болгон күч-аракет жумшалып жатканын баса белгиледи. "Анткени, тийиштүү шарттарды түзбөй, натыйжа чыгарууга мотивация бербей туруп иштин жыйынтыгын талап кылуу мүмкүн эмес", - деди Президент.

Ал акыркы 4-5 жылдын ичинде өлкөбүздүн бардык аймагында Коопсуздук комитетинин аймактык башкармалыктарынын имараттары оңдоп-түзөөдөн өтүп, бир тобу жаңы салынып, материалдык-техникалык базасы жаңыртылганын айтты.

Мындан тышкары быйыл борборубуздагы башкы штаб-квартира жаңыдан курулду, атайын кызматтын келечектеги кадрларын даярдоо үчүн УКМК Академиясы негизделип, заманбап шарттагы окуу комплекси ачылды.

Садыр Жапаров жаңы заманбап имараттын ачылышы Улуттук коопсуздук комитетинин, анын ичинде, айрыкча шаар боюнча Башкы башкармалыктын ыкчам иш-аракетинин сапатын жогорулатарын, ошондой эле ички жана тышкы коркунучтарга каршы алдын ала күрөшүүгө өбөлгө болорун билдирди.

Жаңы административдик имараттын инфраструктурасы менен таанышкан соң Президент Садыр Жапаров башкармалыктын аймагына бак отургузду.





## САНАРИП ЭКОНОМИКАСЫ ТАЛКУУЛАНДЫ

***Өлкө Башчысы Садыр Жапаров 6-октябрда Binance компаниясынын маркетинг боюнча глобалдык директору Рейчел Конлан менен жолугушту.***

Жолугушууда тараптар виртуалдык активдер жана блокчейн технологиялары жаатындагы заманбап чечимдерди киргизүүнү камтыган санарип экономикасын өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерин талкуулашты.

Мамлекет Башчысы Виртуалдык активдерди жана блокчейн технологияларын өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин Катчылыгы улуттук валютага – сомго байланган KGST жаңы санариптик активин чыгаруунун үстүндө иштеп жатканын белгиледи.

Президент ошондой эле Улуттук банк менен биргеликте мамлекеттик электрондук валюта – санарип сом долбоору боюнча иш жүрүп жатканын белгилеп өттү.

Рейчел Конлан өз кезегинде Садыр Жапаровго жергиликтүү санариптик активдердин экосистемасын түзүү боюнча активдүү позициясы үчүн ыраазычылык билдирип, өлкөнүн демилгеси кеңири эл аралык кызыгууну жаратып жатканын билдирди.

Ал Binance компаниясынын кеңири өнөктөштүк тармагы жана колдонуучулардын ири базасы бар экенин, бул долбоорду илгерилетүүгө көмөктөшө аларын баса көрсөттү.

Жолугушуунун жыйынтыгында инновациялык жана коопсуз санарип экономикасын өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди колдоо, тажрыйба алмашуу жана кызматташтыкты мындан ары да тереңдетүүгө болгон өз ара кызыкчылык тастыкталды.

## РЕФОРМАЛАРДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – КР Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиев аппараттык кеңешменин жүрүшүндө 100 күндүк реформалардын жыйынтыгын чыгарды.***

Министрлер Кабинетинин Башчысы «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында быйыл ар кандай социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө багытталган 10 реформа ишке киргизилгенин, алардын ичинен төртөө ийгиликтүү ишке ашырылганын жана бүгүн дагы эки реформанын жыйынтыгы чыгарылганын эске салды.

«Жаңы эрежелерге ылайык, шаар куруу жана археологиялык талаптар дифференцияланды, ал эми ашыкча документтер алынып салынды. Жыйынтыгында жер тилкелерин трансформациялоого кеткен убакыт бир жылдан үч айга чейин кыскарды. Мурда айыл чарба багытында пайдаланылган жана калктуу конуштарга жакын жайгашкан жер тилкелери үчүн тарыхый-маданий мурастардын бар же жок экендиги жөнүндө корутунду талап кылынбайт. Калган учурларда корутунду алуу мөөнөтү 15–30 күнгө чейин кыскартылды. Бул өзгөрүүлөр өлкөдө инвестициялык жана социалдык долбоорлорду ишке ашырууну тездетет, ошондой эле мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат деп ишенимдүү айтууга болот», - деди МинКаб Башчысы Адылбек Касымалиев.



Андан ары Министрлер Кабинетинин Башчысы жарандар мамлекеттик органдарга берүүчү документтердин көчүрмөлөрүн нотариалдык жактан күбөлөндүрүү талаптарын жоюу же жөнөкөйлөтүү боюнча экинчи реформанын жыйынтыгын чыгарды. Анын натыйжасында эми паспорттордун, дипломдордун, эмгек китепчелеринин жана туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн көчүрмөлөрүн нотариустан күбөлөндүрүү жоюлду. "100 күндүн ичинде мамлекеттик органдар өздөрүнүн ички регламенттерин кайра карап чыгып, ашыкча жана негизсиз талаптарды алып салышты. Мындан тышкары, e-Kyzmat порталынын жардамы менен документтерди электрондук түрдө тапшырууга болот», - деди Адылбек Касымалиев.

## РЕКОРДДУК КӨРСӨТКҮЧТӨР КАТТАЛДЫ

2025-жылы айыл чарба тармагында бир катар рекорддук көрсөткүчтөр катталды. Бул тууралуу Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Сузак районунда Фермерлерди тейлөө борборунун ачылышында билдирди.

Анын айтымында, мамлекеттик колдоонун жыйынтыгында быйыл дыйкан-фермерлер айыл чарба жаатында бир катар республикалык жана дүйнөлүк рекорддук көрсөткүчтөрдү көрсөтүштү. Алсак, Жайыл районунда гектарынан 120 тонна помидор алынды — бул дүйнөлүк рекорд. Лейлекте гектарынан 113 тонна пияз түшүмү жыйналган. Манас районундагы дыйкандар гектарынан 120 тоннага чейин болгар калемпирин өндүрдү. Кочкордо картошкадан гектарына 30 – 35 тонна түшүм алынган. Ак-Талаада фермердик чарба "Ангус" породасы боюнча жогорку көрсөткүчтөргө жетишти.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КҮН СОБОЛ

## ПРЕЗИДЕНТТИН КАЙРЫЛУУСУН КООМЧУЛУК КАНДАЙ КАБЫЛДАДЫ?



Алдыдагы парламенттик шайлоого карай Президент Садыр Жапаров коомчулукка атайын кайрылуу менен чыгып, бийлик шайлоонун таза өтүшүнө шарт түзөрүн билдирди. Өлкө Башчысы буга удаа мамлекеттик кызматкерлерге шайлоонун "шаңына" аралашпоону эскертти. Мындан ары шайлоолордо добуш саноодо бийликтин эч кандай таасири болбой тургандыгын билдирген Өлкө Башчысы добуштарды компьютер санап, жыйынтыгын дароо компьютер чыгарып берерин шардана кылды. Келе жаткан шайлоодо татыктуусун гана шайлап, "өз балабыз" деген түшүнүктөн алыс болууга ар бирибизди чакырган Өлкө Башчысынын мындай жалындуу кебин коомчулуктун калың катмары кандай кабыл алды? Биз бул сапар дал ушул суроо менен айрым аттуу-баштууларга кайрылдык.



*КР мурдагы вице-премьер-министри*
***Абдырахман МАМАТАЛИЕВ:***

### "ПРЕЗИДЕНТТИН КАЙРЫЛУУСУН КООМЧУЛУК ҮМҮТ МЕНЕН КАБЫЛ АЛДЫ"

– Өлкө Башчысынын бул кайрылуусун коомчулук ишеним жана чоң үмүт менен кабыл алды десек болот. Анткени, ал өзү аймактардын жетекчилерине, дегеле мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге кийгилишүүгө тыйуу салгандыгы, добуш сатууга катуу чаралар көрүлөрүн эскерткендиги абдан туура болду. "Кеп чынынан бузулбайт" эмеспи. Мурда тескерисинче, ошолорго тапшырма берилип, күч органдары "каралар" менен баары биригип алып, бийликтин кишилерин "сүйрөп" жүрүшчү. Менин оюмча, Президент Садыр Жапаровдун бул кайрылуусу өз убагында, абдан жеткиликтүү болуп, мындан ары шайлоонун жаңы маданияты калыптанат деп күтө туралы...



*Айыл чарба илимдеринин кандидаты*
***Молдобек ИРСАЛИЕВ:***

### "ПРЕЗИДЕНТ ӨЗ УЧУРУНДА АДИЛЕТТҮҮ СӨЗ АЙТТЫ"

– Алдыдагы аламан жарышта биз "өз балдарыбыздын" ичинен да мамлекетке, өлкөгө, кыргыз элине жакшы ой максаттарды, сунуштарды бере турган билимдүү, өндүрүштө, айыл чарбада, илимде иштеген тажрыйбалуу, мыйзамдарды билген уул-кыздарды шайлап алышыбыз керек. Бир гана жагдай, жарышка аттанган талапкерлер миң үгүтчү жалдаганга укуктары бар экен. Бул жагы албетте, суроо жаратат. Мен тажрыйбалуу илимий инсан катары Өлкө Башчыбыздын шайлоо тууралуу айткандарын толугу менен кубаттайм. Өз учурунда айтылган адилеттүү сөз болду. Эми Өлкө Башчыбыз шайлоонун жүрүшүн аягына дейре өзү көзөмөлгө алып, мыйзамсыз иштерге жол бербей, талапкерлердин бардыгына бирдей шарт түзсө эң демократиялуу жол менен шайлоо өткөргөн Президент катары тарыхта калат. Урматтуу калайык калк, талапкерлердин "алтын шилекейлерин" чачыраткан "бал сөздөрүнө" арбала бербей, капчыктуулардын капчыгына алданбай, чыныгы эл өкүлдөрүн тандоодон жаңылбайлы. Шайлоочуларыбыздын мындан ары алданганга акылары жок. 30 жылдын ичинде алданып келгенибиз жетишет.



*Тарых илимдеринин кандидаты*
***Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ:***

### "МИҢ ҮГҮТЧҮНҮ АКЧАЛУУ ТАЛАПКЕРЛЕР ГАНА ЖАЛДАШАТ..."

– Учурда бийлик сүйлөп гана койбостон, иш жүзүндө анын өтөөсүнө да чыгып жатканын көрүп жатабыз. Кудай буюрса, алдыдагы аламан жарыштын жүрүшү менен жыйынтыгы ошондой эле болот деп эл үмүттөнүп, зор ишеним менен карап жатат. Бул шайлоодо "Президент айта берет, биз мурдагы шайлоодогудай эле өз ишибизди кыла беребиз" деген көпөстөр жыдыйт. Ал гана эмес, ошол көпөстөрдүн акчасын алып шайлайм дегендердин бир канчасы кармалып, камалабы деп ойлойм. Бирок, элибиздин аң-сезимине сиңген "өз бала, жат бала" синдромун дароо эле жоюп салуу кыйын. Бул шайлоодо анын таасири болот. Мамкызматкерлер, мугалимдер, дарыгерлер баштагыдай ачык аралашпаса да тымызын аракеттенишет. Айрымдары үгүтчү болуп, жалданып маянага иштешет. Баса, үгүтчү демекчи, бул бай-көпөстөрдүн алар аркылуу тымызын акча таратуусунун обьектисине айланат. Бул сапар 1000 үгүтчүгө чейин алганга болот, аларга талапкерлер маяна төлөшөт. Балээнин баары ушунда жатат. 1000 үгүтчүнү акчасы барлар гана жалдай алышат. Алар аркылуу добушту сатып алуу мүмкүнчүлүгү ачылат. Бул мыйзамдын – алешемдиги. Бирок, үмүттү үзбөй туралы. Көч бара-бара түзөлүп, таза шайлоого аракеттер боло берсин демекчибиз.



*КР Президентинин Талас облусундагы мурдагы ыйгарым укуктуу өкүлү*
***Бакытбек НАРБЕКОВ:***

### "ШАЙЛООНУН ТАЗА ӨТӨӨРҮНӨ ИШЕНСЕК БОЛОТ"

– 2020-жылдагы бийлик алмашуудан соң мамлекеттик кызматкерлер Өлкө жетекчилигинин амири астында шайлоонун үгүт-насаат иштери менен "шайтан оюндарына" аралашпай калышкан. 30-ноябрга белгиленген парламенттик жарышта дагы мамлекеттик кызматкерлер шайлоонун үгүтүнүн жүрүшүнө түздөн-түз аралашпай турушканын Президент Садыр Нургожоевич белгилеп кетти. Президент мамкызматкерлерге ар бир талапкердин оюн, максатын угуп, аларга добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөрүн да жашырган жок. Бул абдан жакшы көрүнүш. Анткени чогулушка барып, талапкерлердин оюн угуш ар бир жарандын укугу деп билем. Президентибиздин кайрылуусунда мектеп же кайсы бир социалдык имараттарды куруп берүү талапкерлердин же болочоктогу депутаттардын иши эмес экендигин, бул ыйгарым укук өкмөттүн гана колунда экенин баса белгилеп айтканы эң жакшы иш болду. Антпесе, буга чейин кандай болгондугун жакшы билчүбүз. Өлкөдө соңку жылдары дал ушул шайлоонун жыйынтыктарын чыгарууда заманбап технологиялар аркылуу өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбалары кеңири колдонулуп келүүдө. Мунун жыйынтыгы менен шайлоолорубуз таза, айрым адамдардын кийлигишүүсү жок электрондук ыкмада эсеп-кысабы чыгарылып жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Президентибиздин алдыдагы аламан жарышты утурлай коомчулук алдындагы ачык кайрылуусунан соң, азыркыдай шартта шайлоонун таза өтөөрүнө ишенсек болот.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

БАБАЛАРДЫН ИЗИ МЕНЕН...

# КУРУЛТАЙ МАСШТАБДУУ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮДӨ



Жер-жердеги, айыл-аймактардагы көйгөйлөр айтылып келген Курултай быйыл да өткөнү турат. Тактап айтсак, IV Элдик курултай үстүбүздөгү жылдын 22-декабрында өткөрүлмөй болду. Президент кол койгон жарлыкта белгиленгендей, ага 700 делегат катышат. Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо, координациялоо боюнча уюштуруу комитети жана убактылуу жобо бекитилди. Эми делегаттар «Элдик курултай жөнүндө» конституциялык мыйзамга ылайык шайланып, эл тарабынан тандалып келет.

Белгилей кетсек, былтыр III Элдик курултай 20-21-декабрь күндөрү Бишкектеги Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында өткөн. Курултайга Президент Садыр Жапаров, Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, аймактардан шайланып келген 700гө жакын делегат катышкан. Катышкан делегаттардын 539ун эркектер, 161ин аялдар жана 61ин Кыргызстанда жашаган башка улуттун өкүлдөрү түзүп, 30 делегат чет жактагы диаспоралардын жана мекендештердин бирикмелеринен келген.

Курултайда көптөгөн маселелер көтөрүлгөн. Алардын катарында чет өлкөлүк ЖМКга сөз берилеби деген суроо салынып, коомчулукту таң калтырган фактылар айтылган. Тагыраагы, чет өлкөлөрдөн бейөкмөт уюмдарга жана ЖМКларга келген каражаттар боюнча жашырылган сырдын бети ачылган. Маселен, айрымдарын атап айтсак, Дина Маслова жетектеген «Кактус медиа» басылмасына Сорос фондунан 2021-жылы 35 миң доллар, 2022-жылы Интерньюстан 23 миң 185 доллар, Сорос фондунан дагы 22 миң 250 доллар келген. Жалпы 2 жылда 80 миң 535 доллар алган. «Клооп медиага» 2021-жылы америкалык Демократияны колдоо фондунан 585 миң 500 доллар, 2022-жылы АКШ элчилигинен 25 миң 250 доллар келген. Ошондой эле Сорос фондунан 9 миң 305 доллар, 23 миң 185 доллар Интерньюстан, 8 млн сом өз ыктыярдуу кайрымдуулуктан берилген. Жалпы 2 жылдын ичинде 643 миң 240 доллар алган. «Азаттык» үналгысына 2023-жылы Демократияны колдоо фондунан 2 млн 270 миң доллар, ошол эле фонддон 2024-жылы 2 млн 297 миң доллар келген. Жалпы 2 жылда 4 млн 567 миң доллар алган. Кайыргүл Орозбай кызы жетектеген «Говори ТВга» 2021-жылы америкалык Демократияны колдоо фондунан 34 миң доллар, 83 миң 627 евро келген. Полит-Клиникага 2020-жылы 41 миң 800 доллар, 2021-жылы 54 миң доллар, жыйынтыгында 95 миң 800 доллар келген. Ал эми Азиза Абдрасулованын «Кылым Шамы» 2018-жылдан бери 21 млн 168 миң 608 сом алганы айтылган.

Мына ошол көз карандысыз ЖМКлар боюнча суроого жооп бергенде Президент Садыр Жапаров Европа парламентинин депутаттарына кайрылып, өлкөнүн ички саясатына эч ким кийлигишпеши керектигин белгилеген.

Президенттин так далил, кашкайган факты менен айтылган сөздөрүнөн кийин сырттан болгон кийлигишүү, таңуулаңган баалуулуктар кадимкидей тыйылды. Мамлекетибиздин бытымагын ыдыратууга, стабилдүүлүгүнө доо кетирүүгө, өнүгүшүнө тоскоолдук жаратууга болгон аракеттер, маалыматтык чабуулдар бир топ солгундаганы байкалган. Бул Курултайдын ийгилиги, жемиши десек болот. Эми быйылкы Элдик курултайда дагы ири масштабдагы орчундуу маселелер көтөрүлүп, өлкөбүздүн өнүгүшүнө кедергисин тийгизген көйгөйлөр айтылып, алардын баары чечилишине тилектешпиз.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КЕРЕКТҮҮ МЫЙЗАМ...

# ЗӨӨКҮРЛӨРГӨ ӨЛҮМ ЖАЗАСЫ КИРГИЗИЛЕБИ?



***Сентябрдын аягында 17 жаштагы Айсулуу Мукашеванын мыкаачылык менен өлтүрүлүшү эл арасында чоң резонанс жаратты. Бул кайгылуу окуя коомчулукту терең түйшөлтүү менен катар өлүм жазасына тартуу ченемин киргизүү маселесин күн тартибине алып чыкты. Аялдарга жана балдарга карата кылмыш кылгандарга жана педофилдерге өлүм жазасын киргизүү керектиги айтылып, учурда чоң көйгөйгө айланган бул маселе кызуу талкууланып жатат.***

***Жүрөк титиретип, жүлүн зыркыраткан окуянын эртеси эле Президент окуянын тергелишин жеке көзөмөлүнө алып, жаш балдарга жана кыз-келиндерге зордук-зомбулук көрсөткөндөргө өлүм жазасын киргизүү маселесин карап көрүүнү тапшырган. Муну Президенттин маалымат катчысы Аскат Алагөзов маалымдап, коомчулукту нес кылган бул кылмыш тууралуу кабарды Мамлекет Башчыбыз терең өкүнүч менен кабыл алганын, ошол эле учурда Президенттик Администрациянын Укуктук камсыздоо башкармалыгынын башчысы Мурат Укушевге тапшырма бергенин билдирди. Анда жаш балдарды, кыз-келиндерди зордуктап өлтүргөндөрдү өлүм жазасына тартуу нормасын киргизүү керектиги белгиленген.***

Ачыгын айтканда, жаш балдарга, кыз-келиндерге күч колдонуп, айбан жасабаган ыплас иштерди жасап, зордуктап кеткен көрүнүштөр жылдан-жылга көбөйүүдө. Зөөкүрлөр жаш балдарды, жаш кыздарды, аялдарды зордуктап, өлтүрүп кеткен окуялар болууда. Акыркы жылдардагы статистикалык маалыматтар дагы муну тастыктап жатат. Мисалы, адам өлтүрүү боюнча 2021-жылы 39 факты катталган: 36 аял, 14 жашка чейинки 2 бала, 14төн 18 жашка чейинки 1 бала. 2022-жылы 43 факты катталган: 41 аял, 14 жашка чейинки 1 бала, 14төн 18 жашка чейинки 1 бала. 2023-жылы 25 факты катталган: 21 аял, 14 жашка чейинки 2 бала, 14төн 18 жашка чейинки 2 бала. 2024-жылы 43 факты катталган: 34 аял, 14 жашка чейинки 5 бала, 14төн 18 жашка чейинки 4 бала, 2025-жылдын 8 айында 28 факты катталып: 21 аял, 14 жашка чейинки 3 бала, 14төн 18 жашка чейинки 4 бала көз жумган.

Зордуктоо боюнча дагы абал кейиштүү жагдайды көрсөтүүдө. Айта кетсек, 2021-жылы 80 факты катталган: 14 жашка чейинки 21 бала, 14төн 18 жашка чейинки 47 бала, 12 аял. 2022-жылы 70 факты катталган: 14 жашка чейинки 34 бала, 14төн 18 жашка чейинки 29 бала. 2023-жылы 175 факты катталып, 14 жашка чейинки 44 бала, 14төн 18 жашка чейинки 116 бала, 15 аял. 2024-жылы 107 факты катталган: 14 жашка чейинки 53 бала, 14төн 18 жашка чейинки 35 бала, 19 аял. 2025-жылдын 8 айында 81 факты катталган: 14 жашка чейинки 20 бала, 14төн 18 жашка чейинки 42 бала, 19 аял зордукталган.

Статистикалык маалыматтар көрсөтүп тургандай акыркы убактарда "педофилдик" кылгандар, жаш балдарды, жаш кыздарды, аялдарды зордуктап, өлтүргөндөр көбөйүп баратат. Албетте, мындай акылга сыйбай турган көрүнүш бизде эле эмес, дүйнө жүзүндөгү бардык өлкөлөрдө өсүп жатат. Ар бир мамлекет өзүнө жараша аракеттерди көрүүдө. Биз дагы кайдыгер адамдай карап отурбашыбыз керек. Кабырганы кайыштырган окуялар катталган маалда чуру-чуу түшүп кыйкырып, анан убакыт өтөрү менен унутуп калганыбыз дурус болбойт. Зөөкүрлөргө чара көрүп, чырактай болгон кыздар-балдарыбыздын, аялдардын көз көрүнөө өмүрлөрүнүн кыйылышына жол бербешибиз керек. Президент дагы өзүнүн администрациясына тапшырма берген күндүн эртеси пикирин билдирип, жаш балдарга жана кыз-келиндерге карата кылмыштар жазасыз калбашы керектигин айтты.

"Мындай муктаждык эмнелерден келип чыкканын жалпы коомчулук көрүп турат. Акыркы убактарда "педофилдик" кылгандар көбөйүп баратат. Зөөкүрлөр жаш балдарды, жаш кыздарды, аялдарды зордуктап, өлтүрүп жатканы өкүндүрөт. Мына ушундан улам, жазаны күчөтүү боюнча тапшырма бердим. Жазаны күчөтсөк, токтойт деген үмүтүбүз чоң. Себеби, түрмөнү тоготпой калышты. Түрмөдө азыр мурдагыга караганда жашоо жеңилирээк болуп калды. Түрмөлөргө режим кирди. Мурда сырттагы үй-бүлө же жакындарынан "тамак киргиз, кийим-кече киргиз, акча киргиз" деп, жардам алып жашачу. Мындан сырткары, эздөрү түрмөдө олтурганы аз келгенсип, "воровской көтөрөбүз" деп акча чогултушуп уурунун да багышчу.

Азыр болсо, үч маал тамак менен кийим-кечелери бекер, түрмөлөрдүн ичинде иш менен камсы болушту, эмгек акы алып жатышат. Тескерисинче, азыр ушул тапта үй-бүлөлөрүнө акча жөнөтүп жаткандар бар. Ошондуктан өлүм жазасын киргизсек, токтойт деп турам. Токтобосо дагы бир кыйла азаят" деди Өлкө Башчысы.

Азыр демократиянын атасы делген Америкада дагы өлүм жазасы киргизилүүдө. Атап айтсак, жакында Дональд Трамптын жарлыгы менен АКШнын борбору Вашингтондун карамагында жайгашкан Колумбия округунда өлүм жазасы киргизилди.

Муну Трамп борбор калаадагы жана жалпы эле округдагы адам өлтүрүү сыяктуу оор кылмыштарды токтотуу чарасы катары түшүндүрүп, "АКШда мыйзамдын үстөмдүгү орноош керек" деди. Маселен, Американын бир катар штаттарында өлүм жазасы башынан эле бар жана колдонулуп келе жатат. Колумбияда 44 жыл мурун токтотулган эле, эми кайра киргизилди. Демек, биз дагы өспүрүмдөргө карата педофилия, зомбулук, адам өлтүрүү сыяктуу оор кылмыштарга өлүм жазасын киргизүүнү ойлончу убак келди окшойт.

Ооба, бул теманын айланасында болгон талкууларды карасак, өлүм жазасын киргизүүдө эң чоң коркунуч катары сот жана укук коргоо органдарына болгон ишенимдин төмөндүгү айтылып жатат. Өлүм жазасы кылмышка тиешеси жок адамдарга карата колдонулуп кетпейби деген чочулоолор бар. Бул жагы тыкыр изилдениши кажет. Тергөө баштан-аяк видеоматериалдар менен далилденип, сот процесстери баштан-аяк онлайн режимде элге түз көрсөтүлө турган шарттар түзүлүшү керек. Андан сырткары, эки тараптын өкүлдөрүнөн сотко катыштыруу маселесин дагы кароо зарыл.

Коомчулукта эгер мындай катаал жаза киргизилсе, ал кайсы кылмыштарга колдонулушу мүмкүн. Мисалы, ири өлчөмдө коррупция менен кармалгандарга карата да колдонулабы деген суроолор жаралууда. Кээ бири элдин байлыгын тоногон, мамлекеттин мүлкүн уурдаган жемкорлор да жазага тартылышы керек деген талаптарды да коюп жатат. Буга дагы Президент өзүнүн жообун узатып, коррупция маселесин бул жакка такыр аралаштырбаш керектигин айтты.

"Бул жерде адам өлтүрүү, өспүрүмдөрдү зордуктоо жөнүндө гана сөз болуп жатат. Эгер коррупцияны аралаштырсак, анда тиешеси жок адамдар да жазага тартылып кетиши мүмкүн. Себеби коррупцияга байлап, күнөөсү жок эле адамдарды жазага тартып жиберүүчүлөр четтен чыгат. Пендечилик деген бар да. Укук коргоо органдары менен мамлекеттик кызматкерлердин арасында да бири-бирине душмандашкандар көп. Бири-бирине коррупция менен "жалаа" жабышы мүмкүн. Ал эми киши өлтүрүү, зордуктоо менен "жалаа" жабыш оңой иш эмес. Коррупция боюнча кечээ жакында кабыл алынган мыйзам эле катуу иштеп турса, коррупция жоголот. Коррупцияны мындай эле жок кылабыз, акыры. Жогорку жакта жоголду. Акимдер, мэрлер, айыл өкмөттөрдө токтобой жатат. Аймактарды өнүктүрүүгө деп бөлүп берген миллиарддаган акчалардын жарымын жеп, калган жарымы менен дагы жыргатып иш жасабай жатышат. Ылдый жак оңолбой жатат. Ал жакта дагы көчтү бара-бара түздөйбүз. Уурдагандардын баарын кайтартабыз. Кайда, канча акча бөлүндү, кайсы жумуштар аткарылды, канчага аткарылды, канчасы желип кетти деген тапшырмам боюнча бардык жактарда комиссия иштеп жатат. Жыйынтыгы декабрдын аягы же январь айында чыгып калыш керек. Жыйынтыгы менен чараларды көрөбүз. Биздин көйгөй азыр балдар менен аялдарды коргоодо болуп турат" деди Мамлекет Башчысы.

Учурдагы Конституциянын 25-беренесине ылайык, өлүм жазасына тыюу салынат. Ошол эле учурда ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга жол берилбейт. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес деп Конституцияда так жазылган. Башкача айтканда, мамлекет адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салуудан коргоого укугу бар. Коомчулук балдарыбыздын жана аялдардын кол тийгис укуктарын коргоо үчүн өлүм жазасын киргизүүнү сунуштап жатат. Элдин калың катмарынын бул талабы мыйзам аркылуу гана чечилиши керек. Мындайча айтканда, өлүм жазасын киргизүү бийликтин өзүмбилемдиги менен ишке ашпайт. Сөзсүз эл менен кеңешилет. Мыйзамдын долбоору биринчи иретте коомдук талкууга коюлат. Андан кийин Конституциялык сот Башмыйзамга өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү мыйзамдын долбооруна корутунду берет. Ал мыйзам долбоору референдумда кабыл алынышы мүмкүн. Башкача айтканда, маселе бүткүл элдик добуш берүү аркылуу гана чечилет.

Эгерде көпчүлүк эл колдосо, андан кийин эл аралык келишимдерден чыгуу маселеси, иштеги кодекстерге жана мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү мыйзамдарды жаңы келген Жогорку Кеңеш кабыл алышы керек болот.



**Укук коргоочу Турсунбек АКУН:**

- Айсулуунун өлүмү абдан боор оорута турган окуя болду. Зөөкүр буга чейин да кылмыш кылып, соттор бошотуп жиберген экен. Бирок, бир адамдын кылган кылмышы үчүн үч чоң чечимди кабыл алууга шашпашыбыз керек. 2007-жылы өлүм жазасын жокко чыгарганбыз. Эгерде педофилдерге өлүм жазасы киргизилсе, анда коррупционерлерге дагы өлүм жазасы киргизилсин. Мамлекетти тоногон, элдин мүлкүн уурдаган адамдарга да өлүм жазасы киргизилсин. Жемкорлук менен аты чыккан адамдардын баары өлүм жазасына тартылсын. Ошондо эл колдойт. Биз өлүм жазасын алып салууну 10 жыл талкуулаганбыз. Кайра киргизүү үчүн чоң талкуу болушу зарыл. Президенттик Администрация тегерек столдорду, конференцияларды уюштурушу керек.



**7-апрель элдик революциясынын баатыры Кайып ШЕР:**

- Зөөкүрлөр көбөйүп балдарыбызды зордуктап, чаламандын чак түшүндө өлтүрүп жатат. Биз кайдыгер адамдай карап отурбашыбыз керек. Президенттин демилгеси туура. Зөөкүрлөргө өлүм жазасы киргизилиши керек. Мисалы мына демократиянын туу чокусунда турган Америкада Дональд Трамптын жарлыгы менен өлүм жазасы киргизилди. Анан бизде киргизилсе адам укугу деп кыйкырганыбыз туура болбой калат. Дональд Трамп өз калкынын коопсуздугун, америкалыктардын өмүрүн баарынан өйдө койду. Биз да педофилия, зомбулук, адам өлтүрүү сыяктуу оор кылмыштарга өлүм жазасын киргизишибиз керек.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

***Кыргызстан менен Малайзиянын дипломатиялык алакасы 1992-жылы башталып, 1997-жылы Куала-Лумпурда Кыргызстан өз элчилигин ачкан. Анткен менен 30 жылда кызматташуунун толук дарамети ачылбай келген. Бирок, акыркы 2 жылда ортодогу алака жанданып, жаңы баскычка көтөрүлүүдө. Былтыр Малайзиянын Премьер-министри Анвар Ибрагимдин Кыргызстанга болгон расмий сапары орун алса, быйыл Кыргызстандын Өлкө Башчысы Садыр Жапаров Малайзияга 30 жылда алгачкы расмий визитин жасады. Биз дагы Куала-Лумпурда болуп, Кыргызстандын Малайзиядагы элчиси Анвар Анарбаевге жолугуп, бир аз маектешип кайттык.***



ЭЛ АРАЛЫК АЛАКА

**Анвар АНАРБАЕВ,** Кыргызстандын Малайзиядагы толук жана ыйгарым укуктуу элчиси:

# «Халал-индустрия, жашыл экономика эки тарап үчүн стратегиялык мааниге ээ»

**– Анвар Арсланович, былтыр Малайзиянын Премьер-министри Анвар Ибрагим Кыргызстанга келгенде туризм, билим берүү, тоо-кен соода-экономикалык жактан биргелешкен бир катар долбоорлорду ишке ашыруу боюнча сүйлөшүүлөр болбоду беле. Мына ушул маселелердин натыйжасы кандай болууда?**

– Туура айтасыз, эки өлкө ортосунда туризм, билим берүү, тоокен соода-экономикалык жактан биргелешкен бир катар долбоорлорду ишке ашыруу боюнча сүйлөшүүлөр орун алганы ырас. Бул боюнча долбоорлор, жигердүү иштер жүргүзүлүп жатат. Атап айтканда, былтыр Кыргызстандан келген туристтердин саны мурдагы жылга салыштырмалуу 50%га өсүп, 5 миңден ашуун адамды түздү. Туристтердин санынын өсүү тенденциясы мындан ары да уланышы күтүлүүдө.

Андан сырткары Малайзиянын билим берүү системасы жогорку сапаты жана салыштырмалуу жеткиликтүүлүгү менен айырмаланат. Буга байланыштуу, Малайзияда билим алууну каалаган кыргызстандык студенттердин саны да жыл сайын өсүүдө. Учурда Президент Садыр Жапаровдун Малайзияга расмий сапарынын алкагында кол коюлган эки өлкө ортосундагы жогорку билим берүү тармагында кызматташтык тууралуу Меморандумду ишке ашыруу багытында тийиштүү иштер колго алынууда.

Кыргызстан менен Малайзиянын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүдө бир катар тоскоолдуктар да орун алууда. Алардын негизгилеринин бири – эки өлкөнүн географиялык жайгашуусуна байланыштуу түз логистикалык байланыштардын жоктугу болууда. Бул жагдай импорттолуп же экспорттолуп жаткан продукциянын акыркы баасына түз таасирин тийгизип, анын кымбаттап кетишине алып келет.

Мындай татаалдыктарга карабастан, Кыргызстандын Малайзиядагы Элчилиги соода-экономикалык кызматташтыкты кеңейтүү жана жаңы багыттарды өнүктүрүү максатында тийиштүү мамлекеттик органдар жана бизнес-структуралар менен тыгыз иш алып барууда. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен биргеликте "КыргызАлтын" ачык акционердик коомунун жана Малайзиянын "Public Gold" компаниясынын ортосунда Кыргызстандын алтынын сатып алуу боюнча алгачкы келишимге кол коюуга көмөк көрсөтүлдү. Бул эки тараптуу экономикалык алакалардын өнүгүүсүндө маанилүү кадам. Аталган келишимдин алкагында учурда кыргыздын алтынын Малайзия сатып ала баштады. Ошондой эле соода жана инвестиция жаатындагы кызматташтыкты өнүктүрүү максатында Кыргыз-Малайзия Ишкерлер Кеңеши түзүлдү. Бул Кеңеш эки өлкөнүн бизнес чөйрөлөрүнүн ортосунда туруктуу диалог жүргүзүүгө, биргелешкен долбоорлорду илгерилетүүгө жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү изилдөөгө өбөлгө түзөт. Кеңештин ишмердүүлүгү Кыргызстан менен Малайзиянын ишкер чөйрөлөрүнүн өз ара ишенимин бекемдеп, эки тараптуу экономикалык мамилелерди жаңы деңгээлге көтөрөт деп терең ишенебиз.

**– Эки тараптуу кызматташуунун учурдагы абалын, мындан ары өнүгө турган дараметин эки элдин ортосундагы элчи катары кандай мүнөздөйсүз?**

– Туруктуу, өз ара ишенимге, сый-урматка жана достукка негизделген конструктивдүү мамиле катары мүнөздөйм.

Жогоруда белгиленгендей, акыркы жылдары эки өлкөнүн ортосунда саясий, экономикалык, маданий жана билим берүү тармактарында өз ара аракеттенүү өнүгүп, кызматташтык жаңы баскычка көтөрүлдү. Өзгөчө, жогорку деңгээлдеги сапарлардын жандanышы эки тараптуу мамилелерди мындан ары терендетүүгө болгон саясий эрки жана өз ара кызыкчылыктарды айкын чагылдырат.

Малайзиянын Премьер-министри Анвар Ибрагим Кыргызстанга расмий сапар менен барса, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров да Малайзияга расмий сапар менен келип, бир катар маанилүү жолугушууларды өткөрдү. Бул Кыргызстандын тарыхында соңку отуз жыл ичиндеги Мамлекет Башчысынын Малайзияга болгон алгачкы расмий сапары болду. Сапардын жүрүшүндө достук жана өз ара түшүнүшүү маанайында өткөн сүйлөшүүлөрдүн мазмуну эки өлкөнүн саясий, соода-экономикалык, инвестициялык жана гуманитардык чөйрөлөрдө кызматташууну кеңейтүүгө болгон терең кызыкчылыгын көрсөттү. Ошондой эле ал тараптар үчүн мамилелерди сапаттык жаңы деңгээлге чыгарган маанилүү кадам болуп, практикалык багыттагы өз ара аракеттенүүнүн жаңы этабына жол ачты.

Жалпысынан, эки өлкө ортосундагы эки тараптуу мамилелердин мындан ары өнүгүү дарамети жогору. Бүгүнкү күндө эки мамлекет тең ар тараптуу кызматташууну тереңдетүүгө кызыкдар. Өзгөчө соода-экономикалык, инвестициялык, билим берүү, туризм жана маданий-гуманитардык тармактарда кызматташуунун мүмкүнчүлүктөрү бар. Малайзиянын өнүккөн экономикасы жана Кыргызстандын ЕАЭБ мүчөсү катары геостратегиялык жактан ыңгайлуу жайгашуусу эки тарап үчүн да өз ара пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда, билим берүү жана туризм тармактарындагы байланыштардын активдешүүсү, маданий-гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча аракеттер эки тараптуу мамилелерди жаңы, сапаттуу деңгээлге чыгарууга шарт түзөт.

**– Кыргызстан менен Малайзиянын ортосунда түз авиакаттам ачуу боюнча да сүйлөшүүлөр болгон. КРдан бул жакка келген туристтер, студенттер жыл сайын көбөйүп барат, андыктан авиакаттам ачуунун мааниси чоң. Дегеле бул иштер качан ишке ашчудай?**

– Ооба, эки өлкө ортосунда түз авиакаттам ачуу маселеси приоритеттүү багыт катары каралгандыктан, бул жаатта тиешелүү иштерди жүргүздүк. Атап айтканда, Малайзиянын жарандык авиация боюнча жөнгө салуучу органы, ошондой эле «Batik Air Malaysia» жана «AirAsiaX» сыяктуу ири авиакомпаниялардын жетекчилиги менен бир катар жолугушуулар өткөрүлүп, түз аба каттамдарын жакынкы келечекте ачуу мүмкүнчүлүктөрүн талкууладык. Бирок, эки өлкөнүн чек ара кызматтары тарабынан жүргүзүлгөн талдоолорго ылайык, учурдагы жүргүнчү агымы түз авиакаттам ачуу үчүн жетишсиз болууда. Тактап айтканда жума сайын орточо эсеп менен 100гө жакын гана жүргүнчү учары аныкталгандыктан, эки өлкөнүн жеке авиакомпаниялары бул багытка инвестициялык кызыгуу көрсөтүшкөн жок.

Ошентсе да, туризм жана билим берүү тармактарындагы оң динамикага байланыштуу, келечекте түз авиакаттам ачылат деген үмүт бар.

**– Инвесторлорду тартуу жагы кандай болууда? Малайзия Кыргызстандын экономикасына канча инвестиция салды?**

– Малайзиядан Кыргызстандын экономикасына тартылган түз инвестициялардын көлөмү азырынча төмөн. Ошол эле учурда, Кыргызстандын Малайзиядагы Элчилиги Малайзиянын Тышкы иштер министрлиги жана компетенттүү мамлекеттик органдары менен биргеликте Кыргызстандын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн таанытышуу, алардын катышуусунда ишкердик форумдарды жана жолугушууларды өткөрүү аркылуу бул багытты активдештирүүнүн аракетиндебиз. Негизги аракеттер малайзиялык ишкерлер менен түз байланыштарды түзүүгө көмөктөшүү жана алардын көңүлүн Кыргызстандын соода жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүнө буруу.

Кыргыз тараптын демилгеси менен Малайзияда Малайзия-Кыргыз Ишкерлер Кеңешинин түзүлүшү бул иштин конкреттүү натыйжасы болду. 2025-жылдын июнь айында Ишкерлер Кеңеши практикалык ишин баштады. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын алкагында Кыргызстанда да ушундай платформаны түзүү иштери жүргүзүлүүдө.

Президент Садыр Жапаров Малайзияга болгон расмий сапарында Малайзиянын бизнес чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү менен жолугушкан. Иш-чарага 50дөн ашуун ири малайзиялык компаниялардын жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышып, анда Президент Кыргызстандын инвестициялык жагымдуулугун белгилеп, өлкөнүн географиялык абалы, жаратылыш ресурстары, эркин экономикалык аймактары жана салыктык-бажылык жеңилдиктери тууралуу айткан. Мамлекет Башчы малайзиялык ишкерлерди Кыргызстанга инвестиция салууга чакырып, кызматташтыктын келечектүү тармактары катары гидроэнергетика, агроөнөр жай, туризм, билим берүү, санариптештирүү жана халал-индустрияны атады. Жолугушуунун жүрүшүндө инвестициялык жана экспорттук мүмкүнчүлүктөр боюнча презентациялар сунушталып, малайзиялык бизнес өкүлдөр мындан аркы кызматташууга кызыкдар экенин билдиришкен.

**– Бизде Малайзиянын канча компаниясы иш алып барат? Тескерисинче Малайзияда иштеп жаткан кыргыз ишкерлери барбы?**

– Учурда Кыргыз-Малайзия өз ара аракеттенүү кайрадан жанданып, жаңы баскычка көтөрүлүп жаткандыктан, малайзиялык компаниялар Кыргызстанда иш алып барууга кызыкдар. Атап айтсак, Ысык-Көл облусундагы Күн энергиясын өнүктүрүү долбоорун ишке ашыруу алкагында малайзиялык "Citaglobal Berhad" компания менен кызматташуу үзгүлтүксүз уланууда. Кызматташтыктын негизги максаты – аймактын энергетикалык коопсуздугун экологиялык таза энергия булактарын колдонуу менен бекемдөө. Аталган багыт Кыргызстандын улуттук саясатынын негизги приоритеттерине толук шайкеш келет жана көмүртектин изин азайтуу жана "жашыл экономика" концепциясын өнүктүрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан аракеттер мындан ары күчөтүүгө өзгөчө салым кошот.

Ошондой эле, Өлкө Башчыбыздын Малайзияга болгон расмий сапарынын алкагында «Халал индустриясын өнүктүрүү борбору» мамлекеттик кыргыз мекемеси менен «AviaDinamika» компаниясынын Кыргызстанда эт халал-паркын куруу инвестиция тартуу боюнча биргелешкен ишмердүүлүгү жөнүндө жана «Халал индустриясын өнүктүрүү борбору» кыргыз мамлекеттик мекемеси менен «PLATINUM GREENHAVEN (M) SDN BHD» компаниясынын ортосунда Кыргызстанда халал-индустриясын өнүктүрүү боюнча мүмкүн болгон биргелешкен иш-чараларды уюштуруу жана кызматташуу жөнүндө меморандумдарга кол коюлган. Мында иштеп жаткан кыргызстандык ишкерлердин саны да азырынча чектелүү. Бирок, акыркы жылдары Малайзияда чакан жана орто бизнес менен алектенүүгө кызыккан кыргыз жарандары көбөйдү. Алар, негизинен, тейлөө кызматтарында иш алып барышат.

**– Малайзия менен Кыргызстандын ортосунда соода алакаларын түзүү демилгеленди эле, негизи ал жактан биз эмнени алып келип, аларга эмне продукциябызды экспорттой алабыз? Дегеле ушул импорт, экспорт маселесине кенен токтолуп кетесизби?**

– Эки тараптуу мамилелерди, анын ичинде өзгөчө соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү Элчиликтин жана Тышкы иштер министрлигинин приоритеттүү багыттарынын бири. Географиялык алыстык, Малайзиянын салттуу соода өнөктөштөрүнө басым жасашы, ошондой эле түз деңиз жана темир жол каттамдарынын жоктугуна карабастан, бул багытта активдүү иштер уланууда.

Кыргызстандан Малайзияга органикалык айыл чарба продукциялары, башкача айтканда бал, жаңгак, мөмө-жемиштер экспорттолууда. Бул багыттагы экспорт көлөмүн мындан ары жогорулатууга мүмкүнчүлүктөр кеңири. Айрыкча, экологиялык жактан

→

→

таза жана органикалык продукцияларга болгон дүйнөлүк суроо-талапты эске алуу менен бул тармакта эки тарап үчүн өз ара пайдалуу кызматташтыкты кеңейтүү потенциалы жогору. Малайзиядан Кыргызстанга негизинен пальма жана кокос майлары, электрондук жабдуулар, какао порошогу, эфир майлары, жуучу жана тазалоочу каражаттар, өнөр жай багытындагы ар түрдүү механикалык жабдуулар жана алардын тетиктери, автоунаалар, резина жана керамика буюмдары импорттолууда.

Айтор, Кыргызстан менен Малайзиянын ортосунда энергетика, туризм, айыл чарба, санарип экономика жана банк секторлорунда өз ара пайдалуу жана туруктуу долбоорлорду ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүктөр бар. Айрыкча, халал-индустрия, жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү тармактарындагы кызматташтык эки тарап үчүн стратегиялык мааниге ээ.

Мисал катары айтсам, жакында 17-21-сентябрда Куала-Лумпурда өткөн, халал тармагын илгерилетүү жаатындагы дүйнөдөгү эң ири аянтча саналган «Малайзия эл аралык халал азыктарынын MIHAS 2025» жарманкесине кыргыз делегациясы биринчи жолу катышты.

Кыргыз делегациясынын аталган жарманкеге катышуусу кыргыз өндүрүүчүлөрүнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, эл аралык соода-экономикалык байланыштарын бекемдөөгө, ошондой эле халал стандарттарына жооп берген улуттук продукцияны жана улуттук бренддерди тышкы рынокто илгерилетүүгө шарт түздү. Анда жалпысынан “Бал Аары” ЖЧКсы, “ASSA Group” ЖЧКсы, “Айбарс” бренди, “Кайнар Айскрим” ЖЧКсы, “Тойбосс” бренди, “Салих ЛТД” ЖЧКсы жана “Шоро” компаниясы баш болгон бир катар жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн продукциялары сунушталды. Ошондой эле академиялык алмашуулардын көлөмүн көбөйтүү эки тараптын билим берүү жана илимий изилдөө чөйрөлөрүндө тажрыйба алмашуу менен кесиптик деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул багыттар боюнча кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү Кыргызстан менен Малайзиянын ортосундагы өнөктөштүктү чыңдоого, ошондой эле экономикалык, маданий жана гуманитардык тармактардагы өз ара кызматташууну тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА,**
**Бишкек – Куала-Лумпур – Бишкек**

70 ЖЫЛДЫК МААРАКЕ

# Узакбаевдин үзүрлүү эмгеги



***Өткөн жумада К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде коомдук жана мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси, КУАУнун ардактуу профессору Эмилбек Узакбаевич Узакбаевдин 70 жылдык мааракесине арналган «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы: азыркы абалы жана экономикалык өнүгүүсүнүн келечеги» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция болуп өттү.***

Иш-чаранын ачылышында КУАУнун ректору, ветеринария илимдеринин доктору, КР УИАнын жана РИАнын академиги Рысбек Нургазиев куттуктоо сөзүндө Эмилбек Узакбаевичтин өлкөбүздүн айыл чарбасына, экономикасына кошкон зор салымдарын баса белгилеп, жаштарга үлгү болоорун айтып өттү.

Конференциянын пленардык бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Марат Иманкулов, КРнын Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев, КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин биринчи орун басары Жаныбек Керималиев, ошондой эле белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлер менен эл аралык уюмдардын өкүлдөрү куттуктоо сөздөрүн айтып, айыл чарбасы өлкөбүздүн өнүгүшүндө эң ири орунду ээлерин, анын ичинде Э.Узакбаевдин агрардык тармактагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги, Кыргызстандын өнүгүүсүнө кошкон салымы зор экендиги баса белгиленди.

Конференцияга ошондой эле Кыргыз Республикасынын Баатыры, экс-премьер-министр Апас Жумагулов, Кыргыз Республикасынын Баатыры, медицина илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги Миталип Мамытов, мамлекеттик жана коомдук ишмер Кемел Ашыралиев, саясий илимдердин доктору, профессор Жумагул Саадanбеков, Латвиянын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Игорс Апокинс, ТҮРКСОЙдун башкы катчысы Султан Раев жана башка коомдук саясий ишмерлер, окумуштуулар, студенттер катышты.

Иш чаранын максаты – Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын учурдагы абалын жана экономикалык өнүгүү келечегин талкуулоо, тармактагы көйгөйлөрдү аныктап, анын натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн окумуштууларды, эксперттерди жана практиктерди бириктирүү.

Пленардык отурумдан кийин секциялык жыйындар башталып, илимий баяндамалар жасалды. Айыл чарбаны механизациялоо, үрөнчүлүк, мал чарбасы, өсүмдүк өстүрүү жана агрардык тармактагы инновациялар боюнча актуалдуу баяндамалар угулуп, талкуулар өткөрүлдү. Бул иш-чара Кыргызстандын айыл чарбасынын учурдагы абалын жана экономикалык өнүгүү келечегин талкуулап, айыл чарбасын механизациялоо жана электрлештирүү, айыл чарбасын өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык жана экологиялык аспектилери каралып, тармактын туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү сунуштарды иштеп чыгууга өбөлгө түздү.

Белгилей кетсек, сентябрь айында Манас шаарында Эмилбек Узакбаевдин 70 жылдык юбилейине арналган “Аймактык башкаруу жана айыл чарба саясаты: өткөн жол жана көз караштар” аталышындагы эл аралык илимий-практикалык конференция өттү. Э.Узакбаевдин өлкөнүн айыл чарба тармагын өнүктүрүүгө, мамлекеттик башкарууга жана дипломатиялык кызматтарга кошкон салымдарын белгилешип, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Тилек Текебаев Э.Узакбаевди кутман курак 70 жашы менен куттуктап, эгемендүүлүктүн 34 жылдыгына карата Жалал-Абад облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы жана көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн “Жалал-Абад облусунун Ардактуу атуулу” наамын тапшырган.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

ТАЛАШТАН ТАКТЫК ЖАРАЛАТ






# СУЯБ ШААРЫНЫН ЧЫНЫГЫ ОРДУ КОЧКОР ӨРӨӨНҮНДӨБҮ?

Тарыхты тастыктоодо, тактоодо көп талаш-тартыштар боло берет. Айрыкча байыркы жана орто кылымдагы тарыхты изилдөө аракеттери тынымсыз жүрүп турат. Биз бүгүн так ошондой тарыхый тактоолордун бири тууралуу сөз кылалы деп турабыз.

Тагыраагы, сөз байыркы Суяб шаары тууралуу болот. Биз VI–X кылымдарда Батыш Түрк жана Түргөш кагандыктарынын баш калаасы болуп, кийин жоголуп кеткен Суяб шаары тууралуу билебиз. Бул байыркы шаар, Жибек Жолунун жээгинде жайгашып, чоң соода ордосу болгондугу айтылып жүрөт. Тарыхта Суяб шаары азыркы Токмок шаарынан анча алыс эмес жердеги Ак-Бешим чалдыбарынын ордунда жайгашкандыгы тууралуу далилдер бар. Бул маалыматтарга үлкөн тарыхчылар да кошулуп, азыр Кагандыктын борбору Ак-Бешимде деп белгиленген. Ал эми Орто кылымдагы авторлордун маалыматтарына караганда Суяб Чүй өрөөнүндө жайгашкан, бирок андагы орду ушул күнгө чейин тактала элек. Айрым тарыхчылар Суябды Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Шабдан кыштагынын жанындагы шаар чалдыбары менен байланыштырат. Бирок, бул шаардын орду аты аталган жерде эмес, такыр бөлөк өрөөндө дегендер да жок эмес. Мисалы, өткөн аптада байыркы Суяб шаарынын орду Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында жайгашкандыгын тастыктап, илимий жактан далилдеген “Суяб-Ордокент-Кашкар, Баласагын” аттуу китептин бет ачары болду. Бул эмгектин автору Кайырбек Коңурбаев деген энтузиаст аксакал. Ал 40 жылга жакын убакыт Суяб шаарынын чыныгы ордун изилдеп жүрүп, китепте ушул күнгө чейин тарыхый орду тактала элек Баласагын, Суяб шаарларынын чыныгы орду Кочкор өрөөнү экендигин далилдеп бериптир.

Кайырбек Коңурбаев бул далилдерди жөн жерден эле келтирбеген. Анын айтымында 70 жыл мурда Кум-Дөбө айылынын тургундары айыл чарба иштерин жүргүзүү маалында жерден бир канча артефакттарды табышкан. Терендиги 15 см жерди казганда эле кадимки бышкан кызыл кирпичтен салынган шаардын калдыктары, тиричилик буюмдары, тыйындар, топчулар чыга баштаганы ал кезде чоң ачылыш болгон. Бул табылгада эң маанилүү жери бышкан кызыл кирпичтер болгон. Эске салсак, тарыхый булактарда Суяб шаары кызыл кирпичтен курулган шаар болгон деген маалымат бар. Ал эми Токмок шаарындагы Ак-Бешимден эч кандай кызыл кирпич табылбагандыгын жергиликтүү эл бир нече жолу кыргыз бийлигине айтып кайрылган. Бирок, Кайырбек Коңурбаев баш болгон жергиликтүү элдин табылгаларына талаптагыдай көңүл бурулган эмес. Андыктан, ал Суяб шаарынын чыныгы орду тууралуу китеп жазууну чечкен.

Кайырбек Коңурбаев Кочкордон табылган байыркы шаар өзүнүн баасын алып, изилденбегендигине наараазы экендигин жашырбайт. Азыр да артефакттар табылган жай короолонбой, кадимки айыл чарба жерлери катары колдонулууда. 70 жылдан бери улам жер айдалган сайын бир буюм табылып олтуруп, артефакттар айылдагы үй музейге сыйбай да баратат. Андыктан, Кайырбек аксакал Президент Садыр Жапаровго кайрылуу жасап, Кочкордон табылган байыркы шаардын калдыктарын изилдөө тапшырмасын берүүнү сураанууда. Эгер байыркы шаар изилденип, анын чыныгы орду Кум-Дөбөдө экендиги далилденип калса, илимде чоң ачылыш болору анык.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## ГЕОСТАЦИОНАРДЫК ЭМЕС СПУТНИК СИСТЕМАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА ПИЛОТТУК ДОЛБООРДУ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасын тездетилген санариптик өнүктүрүү, санариптик теңсиздикти жоюу жана инновациялык телекоммуникациялык технологияларды ишке киргизүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31[1]-беренесин, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) 2025-жылдын 6-октябрынан тартып 2026-жылдын 5-октябрына чейин геостационардык эмес спутник системаларынын (LEO – Low-altitude Earth Orbit, MEO Medium-altitude Earth Orbit) негизинде телекоммуникациялык тармактарды пайдалануу менен Интернет тармагына, анын ичинде жетүүгө кыйын региондордо жеткиликтүүлүктү берүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашырсын;

2) пилоттук долбоордун максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет деп белгиленсин:

– геостационардык эмес спутник системаларын пайдалануу менен технологияны эксперименттик (тесттик) колдонуу;

– ар түрдүү технологияларды колдонуу менен радио жыштык ресурсун пайдаланган телекоммуникациялык тармактардын электромагниттик шайкештигин аныктоо;

– геостационардык эмес спутник топторун колдонуу менен спутник телекоммуникацияларынын иштөөсү үчүн техникалык жана укуктук тоскоолдуктарды аныктоо;

– геостационардык эмес спутник системаларын пайдалануу менен телекоммуникациялык тармактардын андан ары иштөөсүнүн техникалык жана укуктук шарттарын аныктоо;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-мартындагы №146 “Кыргыз Республикасынын радио кызматтарынын ортосунда радио жыштыктарды бөлүштүрүүнүн улуттук таблицасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын радио кызматтарынын ортосунда радио жыштыктарды бөлүштүрүүнүн улуттук таблицасына ылайык белгиленген спутник кызматы тарабынан пайдалануу үчүн бөлүштүрүлгөн Ku, Ka диапазонундагы радио жыштыктардын статусун өз ара зыяндуу тоскоолдуктарды жаратпастан, эксклюзивдүү эмес, биргелешкен жана экинчи негизде берилүүчү, ар түрдүү кызматтардын радиоэлектрондук каражаттарынын жана түзүлүштөрүнүн көрсөтүлгөн диапазонду бир убакта пайдалануусуна жол берген эксклюзивдүү эмес катары аныктасын;

4) пилоттук долбоордун катышуучулары электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөр болуп саналат деп белгиленсин;

5) пилоттук долбоордун мезгилинде анын катышуучулары Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматка (мындан ары – Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусу) радио жыштык спектрин пайдалануу үчүн тиркемеге ылайык эсептелүүчү акыны төлөйт деп белгиленсин;

6) пилоттук долбоорду ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды камтыган отчетту киргизсин.

**2.** Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусу:

1) пилоттук долбоордун катышуучуларына пилоттук долбоорду ишке ашыруу мөөнөтүнө Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында Ku жана Ka диапазондорундагы радио жыштык спектрин тесттик убактылуу эксплуатациялоого жазуу жүзүндө макулдук берсин. Радио жыштык спектрин эксплуатациялоо тиркемеге ылайык “а)” формуласы боюнча белгиленген өлчөмдө аны пайдалануу үчүн акы төлөнгөндөн кийин эксклюзивдүү эмес, биргелешкен жана экинчи негизде жүргүзүлөт.

2) пилоттук долбоордун катышуучулары үчүн төмөнкүдөй милдеттенмелерди белгилесин:

– ыйгарым укуктуу органдардын телекоммуникациялык тармактарда атайын тергөө иш-аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүсү үчүн уюштуруу жана программалык-техникалык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, ошондой эле аталган иш-араларды өткөрүү формаларын жана методдорун ачууга жол бербөө боюнча чараларды көрүү;

– Кыргыз Республикасында уруксат берүүчү документтердин негизинде иштеген геостационардык спутник байланыш системаларын жана жер үстүндөгү радиоэлектрондук каражаттарды зыяндуу тоскоолдуктардан коргоону камсыз кылуу;

– тоскоолдуктар пайда болгондо Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусунан тиешелүү кабарламаны алган учурдан тартып бир сутканын ичинде аларды жоюу боюнча зарыл болгон чараларды көрүү;

– Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусунан пилоттук долбоорго ишке тартылган же тартылбаган пайдалануучу түзүлүштөрдү (станцияларды/терминалдарды) өчүрүү зарылдыгы жөнүндө кабарлама алганда аларды өчүрүү боюнча токтоосуз чараларды көрүү;

– Кыргыз Республикасынын аймагында роумингди пайдаланган чет өлкөлүк колдонуучуларды кошкондо, алар тарабынан колдонулган түзүлүштөрдө (станцияларда/терминалдарда) кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуучулардын саны, ошондой эле берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жөнүндө маалыматтарды берүү;

– жер үстүндөгү станцияга түздөн-түз туташуу менен маалыматтарды берүүнүн жергиликтүү оператору аркылуу улуттук коопсуздук органдарына маалымат берүү;

– квартал сайын Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусуна отчеттук кварталдан кийинки экинчи айдын 1ине чейинки мөөнөттө Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусу тарабынан белгиленген формалар боюнча отчетторду берүү;

– электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчү болуу жана берилген электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн алынган пайданын 0,9 пайыз өлчөмүн байланыш тармагын өнүктүрүүгө чегерүү, ал толук көлөмдө республикалык бюджетке которулууга тийиш. Алынган каражаттарды андан ары бөлүштүрүү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт. Көрсөтүлгөн чегерүүлөр квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт;

– радио жыштык спектрин пайдалануу үчүн тиркемеге ылайык белгиленген өлчөмдөгү акыны төлөө.

Жогоруда аталган милдеттенмелерди аткарбоо Пилоттук долбоордун тармактык жөнгө салуучусунун бузууга жол берген катышуучуга карата пилоттук долбоорго катышуусун мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимди кабыл алуусуна негиз болуп саналат;

3) пилоттук долбоор үчүн бөлүнгөн жыштыктар диапазонунда долбоордун катышуучулары тарабынан электромагниттик шайкештикти сактоо боюнча талдоону жүргүзсүн;

4) пилоттук долбоорго төмөнкүлөрдү караган үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзсүн:

– пайдаланылган түзүлүштөр (станциялар/терминалдар), кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучулардын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында роумингди пайдаланган чет өлкөлүк пайдалануучулардын саны, ошондой эле берилүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жөнүндө маалыматтарды кошкондо, пилоттук долбоорлордун катышуучуларынан маалыматтарды топтоо жана жалпылоо;

– радиоэлектрондук каражаттарды жана жогорку жыштыктагы түзүлүштөрдү жайгаштыруу үчүн пилоттук долбоор үчүн аныкталган жыштыктардын диапазонунда радио жыштык спектрин колдонгон башка субъекттерден жана кызматтардан маалыматтарды топтоо жана жалпылоо;

– пилоттук долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында укуктук мамилелердин субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган фактыларды, анын ичинде келип түшкөн даттануулардын негизинде аныктоо жана жалпылоо;

5) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги менен биргеликте пилоттук долбоор аяктаганга чейин эки ай мурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине пилоттук долбоор үчүн бөлүнгөн жыштыктардын диапазонунда геостационардык эмес спутник системаларын пайдалануу менен телекоммуникациялык тармактардын андан ары иштөөсү үчүн зарыл болгон укуктук жана техникалык чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштарды, анын ичинде радио жыштык спектрин пайдалануу үчүн акынын өлчөмү боюнча сунуштарды камтыган пилоттук долбоордун алдын ала жыйынтыктарын киргизсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети пилоттук долбоордун катышуучулары тарабынан ушул Жарлыктын 2-пунктунун 2-пунктчасында каралган милдеттенмелердин аткарылышын талдоонун негизинде пилоттук мезгил аяктаганга чейин эки айга чейинки мөөнөттө улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине геостационардык эмес спутник системаларын пайдалануу менен телекоммуникациялардын операторлорунун тармактарында ыкчам-издөө иш-чараларынын системаларынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алган зарыл болгон техникалык жана укуктук чараларды көрүү боюнча сунуштарды киргизсин.

**4.** Бул Жарлык менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын байланыш чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**5**. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №276***

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ТУУЛГАН КҮНҮНҮН 100 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН МААРАКЕЛИК ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз элинин бай маданий жана руханий мурасын сактоо жана жайылтуу үчүн, кыргыз элинин чыгаан уулу, залкар жазуучу, гуманист, философ, дипломат жана мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Баатыры жана Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 100 жылдык маарекесин татыктуу белгилөө максатында, анын дүйнөлүк адабияттын өнүгүшүнө, маданияттар аралык диалогду бекемдөөгө жана гуманисттик баалуулуктарды жайылтууга кошкон зор салымын эске алуу менен анын улуттук аң-сезимдин калыптанышындагы өзгөчө ордун таанып, 2028-жылдагы анын туулган күнүнүн 100 жылдыгы жакындап келе жаткандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** 2028-жыл Кыргыз Республикасында Чыңгыз Айтматов жылы деп жарыялансын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

– ушул жылдын аягына чейин мамлекеттик органдардын, илимий коомдоштуктун, чыгармачыл бирикмелердин, жарандык коомдун, чет өлкөлүк ишмерлердин жана эл аралык уюмдардын катышуусунда маарекелик иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин түзсүн;

– 2026-жылдын биринчи кварталынын аягына чейин Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгына арналган иш-чаралардын планын иштеп чыксын жана бекитсин;

– иш-чаралардын планын иштеп чыгууда төмөнкүлөрдү карасын:

Талас облусунун Айтматов районунун Шекер айылында жайгашкан “Чыңгыз-Ордо” маданий-тарыхый мемориалдык музей-комплексин “Айтматов ааламы” (“Вселенная Айтматова”) деп кайра атоону жана курулуш иштерин аяктоону;

жогоруда аталган борбордун жана музей-комплекстин инфраструктурасын эл аралык маданий туризмдин стандарттарына ылайык келтирүүнү;

Ч.Айтматовдун мурасын эл аралык таануу, анын ичинде чет өлкөлөрдө көргөзмөлөрдү, конференцияларды жана иш-чараларды тийиштүү жылга каралган республикалык бюджеттин чегинде, ошондой эле тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен уюштуруу боюнча аракеттерди күчөтүүнү;

Ч.Айтматовдун 100 жылдыгын ЮНЕСКОнун жана башка эл аралык уюмдардын алкагында белгилөө жөнүндө маселени демилгелөөнү;

адабият, философия, дипломатия жана гуманисттик баалуулуктарды жайылтуу жаатындагы өзгөчө жетишкендиктер үчүн Чыңгыз Айтматов атындагы Эл аралык сыйлыкты уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүүнү;

Ч.Айтматовдун мурасын изилдөөгө жана түшүндүрүүгө арналган илимий жана маданий иш-чараларды өткөрүүнү;

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын академиялык жыйнагын мамлекеттик, расмий жана башка тилдерде даярдоону жана жарыялоону;

ата мекендик жана чет өлкөлүк кинематографисттерди тартуу менен Ч.Айтматовдун өмүрүнө жана чыгармачылыгына арналган көркөм жана документалдык фильмдерди жаратуу боюнча долбоорду иштеп чыгууну жана ишке ашырууну;

маарекеге арналган кеңири масштабдуу маданий-агартуу иш-чараларын өткөрүүнү;

Ч.Айтматовдун ысымын көчөлөргө, мектептерге, китепканаларга жана башка объекттерге ыйгарууну;

“Тарыхый окуялар” сериясындагы 100 сом номиналындагы “Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгы” коллекциялык алтын монетасын чыгарууну;

аталган иш-чараларды республикалык бюджеттин алкагында каржылоону, ошондой эле бюджеттен тышкаркы жана эл аралык ресурстарды тартуу боюнча иштерди күчөтүүнү;

маарекелик программалардын алкагында талаптагыдай координациялоону жана эл аралык кызматташтыкты, ошондой эле демөөрчүлүк жардамды жана тыюу салынбаган башка каржылоо булактарын тартууну камсыз кылууну.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №279***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ТЕСКЕМЕСИ

2026-жылдын июнунда Ысык-Көл эл аралык юбилейлик форумун уюштуруу жана өткөрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык:

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси Койчиев Арслан Капайовичке Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл эл аралык форумун даярдоо жана өткөрүү боюнча атайын өкүлүнүн статусу берилсин.

**2.** А.К.Койчиевге чет өлкөлүк өнөктөштөрдү, эл аралык уюмдарды, чет элдик маданияттын, искусствонун, илимдин кадыр-барктуу өкүлдөрүн, коомдук ишмерлерди, иштин башка чөйрөлөрүнүн көрүнүктүү өкүлдөрүн жогоруда аталган форумга чакыруу жана алардын катышуусу тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү боюнча тиешелүү иш-чараларды координациялоого ыйгарым укук берилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-октябры, №341***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 18-ДЕКАБРЫНДАГЫ №839 "КОНСУЛДУК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ҮЧҮН АЛЫНУУЧУ КАРАЖАТТАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 18-декабрындагы №839 "Консулдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынуучу каражаттар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Консулдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынуучу каражаттар жөнүндө жободо:

– 27-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"27. Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү системасын пайдалануу аркылуу акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен ТИМдин атайын эсебине түшкөн сумманын 15% өлчөмүндөгү каражаттар көрсөтүлгөн маалыматтык системаны техникалык тейлөө, күтүү жана модернизациялоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, ошондой эле иши ушул маалыматтык системаны камсыз кылуу менен байланышкан кызматкерлерге дем берүүгө байланыштуу материалдык чыгымдардын ордун толтуруу белүгүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетин шайкеш өлчөмдө каржылоо үчүн республикалык бюджеттин киреşесине багытталат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-октябры, №628***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 24-ДЕКАБРЫНДАГЫ №785 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНДӨ, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮЛҮШТӨРҮНДӨ ЖАНА МЫЙЗАМ МЕНЕН АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНДА ЖООКЕРЛЕРДИН ЖАНА СЕРЖАНТТАРДЫН КОНТРАКТ БОЮНЧА АСКЕРДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Аскердик кызмат өтөө тартибин өркүндөтүү жана тартипке салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-декабрындагы №785 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин жана сержанттардын контракт боюнча аскердик кызмат өтөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин жана сержанттардын контракт боюнча аскердик кызмат өтөө тартиби жөнүндө жободо:

– 59-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу органда – ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин орун басарынын (аскердик блокту тескеген) буйругу

менен;";

– 71-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу органда – ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин орун басарынын (аскердик блокту тескеген) буйругу менен;";

– 120-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу органда – алар кызмат өтөп жаткан аскердик бөлүктөрдүн командирлеринин жана бөлүмдөрдүн жетекчилеринин буйруктары менен;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №629***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-МАРТЫНДАГЫ №185 "МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО, МААЛЫМАТ ЖАНА СПОРТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Маданият уюмдарынын (мекемелеринин) кызматкерлерине акчалай дем берүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жободо:

– 15-пунктта "30" деген цифралар "70" деген цифраларга алмаштырылсын;

– 16-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №631***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 1-ИЮЛУНДАГЫ №384 "АЙРЫМ МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАР ЖАНА УСТАВДЫК КАПИТАЛДАГЫ КАТЫШУУ ҮЛҮШҮНҮН 50 ЖАНА АНДАН АШЫК ПАЙЫЗЫ МАМЛЕКЕТКЕ ТААНДЫК БОЛГОН ЧАРБАЛЫК КООМДОР, АНЫН ИЧИНДЕ АЛАРДЫН ТУУНДУ ЧАРБАЛЫК КООМДОРУ ҮЧҮН КҮЙҮҮЧҮ-МАЙЛООЧУ МАТЕРИАЛДАРДЫ ЖАНА МУНАЙ ЗАТТАРДЫН БАШКА ТҮРЛӨРҮН БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Зарыл болгон инфраструктураны түзүү жана жол куруу тармагын күйүүчү-майлоочу материалдар жана мунай заттардын башка түрлөрү менен туруктуу жана үзгүлтүксүз жабдуунун камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-июлундагы №384 "Айрым мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору үчүн күйүүчү-майлоочу материалдарды жана мунай заттардын башка түрлөрүн берүү маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3, 4-пунктчалар менен толукталсын:

"3) ведомстволук мамлекеттик ишканалар менен биргеликте жол куруу тармагын күйүүчү-майлоочу материалдар жана мунай заттардын башка түрлөрү менен туруктуу жана үзгүлтүксүз жабдууну камсыз кылуу үчүн зарыл болгон инфраструктураны түзсүн;

4) 2025–2026-жылдарга титулдук тизмени иштеп чыгууда бул токтомдон келип чыгуучу иш-чараларды ишке ашыруу үчүн финансылык каражаттарды карасын.";

2) төмөнкүдөй мазмундагы $6^1$-пункт менен толуктaлсын:

"$6^1$. Бул токтомдун 1-пунктунун 4-пунктчасы 2026-жылдын 1-майынан тартып колдонулууга тийиш деп белгиленсин.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №630***

## "КЫРГЫЗСТАН АЭРОПОРТТОРУ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН МЕНЧИГИНЕ ЖЕР ТИЛКЕЛЕРИН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик мүлктү натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу максатында, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23, 38-статьяларына, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 27-январындагы №44 "Манас" эл аралык аэропорту" ачык акционердик коомуна жер участокторун берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-пункт менен толукталсын:

"$2^1$. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик жана тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин атынан мамлекеттик менчикке төмөнкүлөрдү өткөрүп берүү боюнча бардык зарыл болгон чараларды көрсүн:

1) Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагында жайгашкан, идентификациялык коду 2-03-02-0001-0571, жалпы аянты 199,1 га жер участогун;

2) Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Шайыбек Ата айыл аймагында жайгашкан, идентификациялык коду 2-03-03-0004-0452, жалпы аянты 70,5 га жер участогун.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $2^2$-пункт менен толукталсын:

"$2^2$. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун кабыл алуу-өткөрүп берүүнү жана алардын рыноктук наркын баалоо жол-жобосун жүргүзсүн;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун мамлекеттик үлүштү көбөйтүү үчүн уставдык капиталга салым катары киргизүү жолу менен "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун менчигине өткөрүп берсин.";

– $3^3$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– токтомдун бүткүл тексти боюнча "Манас" эл аралык аэропорту" ачык акционердик коому" деген сөздөр "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Баткен шаарынын мэриясы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте Баткен шаарында жайгашкан жана "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун мөөнөтсүз пайдалануусунда турган, идентификациялык коду 8-01-01-0003-0449, жалпы аянты 66 га жер тилкесин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин атынан мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү боюнча бардык зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте:

1) ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин кабыл алуу-өткөрүп берүүнү жана анын рыноктук наркын баалоо жол-жобосун жүргүзсүн;

2) ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин мамлекеттик үлүштү көбөйтүү үчүн уставдык капиталга салым катары киргизүү жолу менен "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун менчигине өткөрүп берсин.

**4.** "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомуна белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрүү сунушталсын.

**5**. Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул токтомдун 1, 2-пункттарында көрсөтүлгөн жер тилкелерине укуктардын өтүшүн белгиленген тартипте каттоону жүзөгө ашырсын.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №632***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

САЛЫК КЫЗМАТЫНА 35 ЖЫЛ

### КР салык кызматынын Жети-Өгүз району боюнча башкармалыгынын жетекчиси Нурлан МАМБЕТАИТОВ:

# “ӨЛКӨБҮЗДҮН ЭКОНОМИКАСЫНА КОШКОН САЛЫМЫБЫЗ ЗОР”

*Нурлан Турсуналиевич Мамбетаитовдун эмгек жолуна токтолсок: салык кызматынын ысыгы менен суугуна чыдап торолду десек ак сөз. Алгачкы кесиптик чыйырын өзү туулуп өскөн Теңир-Тоонун Нарын шаардык салык кызматында инспектор болуп баштаган. Эгемендүүлүктү жаңы алган мекенибиздин бардык тармактарында реформалар жүрө баштаган. Айрыкча салык кызматын жөнгө салуу жеңилге турбаган. Мына ушул салык кызматында иштөө менен жаш инспектор иши менен көрүнүп, көп өтпөй эле көзгө түшө баштаган. Жаш кадрдын терең билими, уюштургуч жөндөмдүүлүгү, ишке болгон ак ниеттүүлүгү, салык төлөөчүлөргө болгон жылуу мамилеси, кандай гана маселе болбосун туура багытты беттегени бат эле кесиптештеринин арасында беделин бекемдеди. Жооптуу жогорку кызматтарга көтөрүлө баштады. Нарын шаардык жана Нарын району боюнча башкармалыктарды жетектөө менен жигерин дароо көрсөттү. Көп өтпөй борбор шаарыбыздагы Свердлов району боюнча салык башкармалыгын жетектеп, шаарлыктардын салык казанында кайнады. Анан көрүп ал Нурлан Турсуналиевич кут даарыган Сары-Өзөндүн дээрлик бардык райондорунда салык башкармалыктарынын жетекчиси болуп иштеди. Бир районго керек болсо экинчи ирет да дайындалды. Ысык-Ата, Чүй, Панфилов, Кемин райондорунда жана Токмок шаарында салык боюнча башкармалыктарды жетектеп, чындык керек чыныгы жетекчилик жүзүн көрсөттү. Ар айлык план-милдеттенмелер чегине жетип турду. Ысык-Ата менен Чүй районуна экинчи ирет кайрылып келди.*

*Нурлан Турсуналиевич үчүн жоопкерчиликтин чоң, кичинеси жок. Кайсы гана жакка дайындалбасын барбайм деп, баш чайкап аталган райондун начарлыгын эскерип зээнин кейитпейт. Баш тартпай барып ошол жердин кемчиликтерин четтетүүгө ашыгат. Мыкты районго же шаарга которулдум деп да бааланбайт. Ток этери кайсы гана жерге дайындалбасын кыйыктанбастан кыйынчылыктарын жеңилдетүүгө аракеттенет. Мээнетинин кайтарымын көрөт. Бардык жеринде жемиштүү эмгек үзүрүн берип, кесиптештеринин колдоосуна ээ болот.*

*Билинбей жалаң жетекчилик кызматты аркалаганына чейрек кылым болуп калыптыр. Кечээги жаш жигит, учурда устат. Жаштарга болгон саяпкерлигин улантууда. Нурлан Турсуналиевичтин эң башкы алтын сапаты кайсы гана жерге келбесин жаштарды оболу колго алып, адамдык адамгерчилик менен бирге кесиптик деңгээлин көтөрүүгө көп күчүн жумшайт. Жашсынтып жемелегенден жат. Билбегенин билгизип, кеңешин берет. Куштай таптаган жаштарынын алды азыр өзүндөй жетекчилик кызматтарда иштеп жүрүшөт. Андыктан Нурлан Турсуналиевич шакирттери менен ар дайым сыймыктана алат. «Нурлан Турсуналиевичтен таалим алгам» деген сөз не деген сыймык.*

*Жети-Өгүз районунун салык боюнча башкармалыгынын жетекчилигине 2024-жылдын март айында келген. Такшалган тажрыйбалуу, таланттуу уюштургуч жетекчиден жеңиштерди гана күтүүгө болот. Райондун акими баш болгон жетекчилеринин, жалпы элинин пикири жакшы. «Барыңыз, жазыңыз» дешип салык кызматчыларына жогору бааларын беришти.*

*Кайсы гана жерде иштебесин алдыңкы мекеме катары сый-урматтардын баарын алып келишти. Ардак грамоталар, Мактоо баракчалар арбын. Мурдагы эмгекти баалоо мезгилинде Нарын*



*шаары боюнча башкармалыгына, ошондой эле Токмок шаары боюнча башкармалыгына Өтмө Кызыл Тууну жеңип берген эле. Жетекчинин жемиштүү эмгектери бардык жерде белгилүү.*

*Нурлан Турсуналиевич КР салык кызматынын мыктысы. Салык кызматынын I рангадагы кеңешчиси.*

*“Мыкты жетекчи» номинацияларынын ээси Нурлан Турсуналиевичтин чейрек кылымдык жетекчилик жолу улана берет. Жетекчилик эки тизгин, бир чылбырды бекем кармоо бардык эле дайындалган жетекчилерге буйруй бербейт белем? Анткени, ачык айталы келгенинен кеткени бат жетекчилер да кездешет. Себеби, алар иштин кызыкчылыгын эмес, жеке баштарынын кызыкчылыгын ириде ойлошуп, жеп-ичкендери билинип, жетекчиликтен четтеп калышат. Бул мисалдарды бекеринен келтирип жаткан жерим жок. Нурлан Турсуналиевич чейрек кылымга чукул мезгил аралыгында жетекчилик кызматтын чамгарагын көкөлөтүп, кайсы гана район жана шаарлардын салык кызматын жетектөөгө дайындалбасын жасаган таза жагымдуу иштеринен көрүнүп, көздөгөн максаттарынын баарына жетип келатат.*

*Демек, татыктуу жетекчи болуунун узак жолун багындырган Нурлан Турсуналиевичке албетте тан бербесек болбос.*



Эмгек жамааты

**- Нурлан Турсуналиевич, алдыңкы кесиптештериңизди атап кетсеңиз. “Атын атаса куту сүйүнөт” деген сөздүн төгүнү жок.**

- Ырас айтасыз. Бизде Салык жана финансы кызматынын мыктылары эмгектенет. Бөлүм башчылар Сейтек Сыдыкбеков, Рахима Ниязова, башкы инспекторлор Нурлан Үсөнбаев, Бурул Асаналиева баш болгон жеңилимди жерден, оорумду жондон алган алдыңкылар ар дайым ардактоого татыктуу. Жаштардан да жакшы иштегендер жок эмес.

35 жылдык түзүлгөн күнүбүздүн урматына байланыштуу бир кезде бизде иштеп кеткен ардагер кесиптештерибизди чакырып чай бердик. Каалоо ырларын жазып, белектерибизди берип, черлерин жаздык. Аябай кубанып кетишти, ак баталарын беришти. Мындан ары да ардагерлер менен байланышыбызды чыңдай бермекчибиз.

**- Салыктын көлөмүн көбөйтүүдө алдыңкы өндүрүштүк ишканалар чоң рол ойнойт. Дайыма мактоого арзыган ишканалар тууралуу да айтып кетсеңиз?**

- Тээ союз мезгилинде курулуп, соолгон союз ураганда жетекчиси Күлүйпа Жүзүмалиеванын мыктылыгынан уратпай кармап калган “Ак жалга” сыр чыгаруучу заводубуз сыймыгыбыз. Чыгарган продукциялары менен чет мамлекеттерге чейин белгилүү. Айына 2 миллион сомдун тегерегинде салыгын төлөп турат. Ата мекендик мындай өндүрүштөр өнүгүүдө. Инвесторлор менен иштөө үзүрүн берүүдө. Кытайлыктар менен бирге иштетип жаткан кирпич чыгаруучу заводубуз да салык жагынан камчы салдырбайт. Жарк эткен жаңылыктардан айтсак, нечен жылдан бери оңдолбой жаткан Жети-Өгүз санаториясы кайрадан заманбап жабдуулар менен жабдылып курулуп жатат. Буйруса бүткөндө жүздөгөн эс алуучулар келип дарыланышат. Канча бут кирсе ошончо салык кирери бышык. Мына жакында Журт башчыбыз Садыр Нургожоевич өзү баш болуп келип Белес-Барскоон мамлекеттик жолунун ачылыш аземин өткөрүп кетти. 150 чакырым заманбап жол салынат. Жүздөгөн жаңы жумушчу орундар пайда болот. Коңшу Кытай мамлекети менен ар тараптуу байланыштарыбыз чыңдалат. “Алыскы туугандан жакынкы коңшу артык” деп бекеринен айтылбайт. Куруучулар салыгын төлөй башташты. Бул башталышы, бара бара салыктарынын көлөмү жогорулайт. Демек, өнүгүү жолуна түшкөн мамлекетибиздин ар тараптан чыңдалышына салымыбызды кошо берели.

**- 9 айдын жыйынтыгы тууралуу айтып берсеңиз?**

- План боюнча 387 млн 240 миң сом чогултууга тийиш болсок, иш жүзүндө 454 млн 850 миң сомго аткарылды. Өсүү 117%га жетти. План 67 млн 610 миң сомго ашык жыйналды. Мындан республикалык бюджет 220 млн 153 миң сом болсо, иш жүзүндө 283 млн 557 миң сом чогулду. Аткарылышы 128%га жетти. Пландан ашык 63 млн 400 миң сомго көп жыйналды. Ал эми жергиликтүү бюджетке токтолсок: планыбыз 167 млн 86 миң сом болуучу. Иш жүзүндө 171 млн 296 миң сом чогулуп, аткарылышы 102,5% болду. Пландан 4 млн 200 миң сомго ашык жыйнадык.

Өткөн жылдын ушул маалына салыштырсак мамлекеттик бюджеттин аткарылышы 145%ды түздү. Өткөн жылдан 141 млн 465 миң сом көп жыйналды. Республикалык бюджет 185%га жогорулап, 130 млн 930 миң сом көп жыйналды. Жергиликтүү бюджет 106% болуп, 10 млн 535 миң сомго көп чогулду. Ток этерин айтканда жылдан-жылга өсүү темпи жогорулоодо.

**Айчүрөк МАКЕШОВА**

ИЙГИЛИК КОШТОГОН ИШКАНАДА

### “Эмел” суу ишканасынын өкүлү Азирет-Аалы ЖАКЫПОВ:

# “ЭМЕЛ” СУУСУ “БОРЖОМИ” СЫЯКТУУ БРЕНД БОЛОТ”







***Алыскы Нарын облусунун Жумгал өрөөнүндө өз эмгеги менен иш жүргүзүп, чакан өндүрүштү колго алган ишкерлерди көргөндө сыймыктанбай койбойсуң. Алардын бири – “Эмел” суу ишканасы. Алгач өз айылынын гана тургундарына минералдык сууну сунуштап баштаган ишкердин эмгеги бүгүнкү күндө республиканын ар тарабынан кардарларды тартып, күндөн-күнгө суроо-талапка ээ болууда. Биз учурда ишкананын бүгүнкү күндөгү жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн билүү максатында ишкананын өкүлү Азирет-Аалы ЖАКЫПОВ менен маектештик.***

**- Азирет-Аалы мырза, “Эмел суу” ишканасы качантан бери иштеп келет?**

- Биздин ишкана 2013-жылдын декабрь айында алгач сыноо иретинде ишке кирип, кийин 2014-жылдын жаз айларынан тартып толук кандуу иштеп баштаганбыз. Ошондон бери ишибизди акырындык менен жолго коюп келебиз. Башында продукциябызды 0,5, 1, 1,5 литрлик тараларда чыгарчубуз. Бирок техникалык жактан бул көлөмдөгү сууну чыгаруу бир аз татаалыраак болгондуктан, айыл жергесинде эң көп талап кылынган 1 литрлик бөтөлкөгө токтодук. Азыркы күндө “Эмел” суусу негизинен ушул таарада чыгарылат.

**- Суунун “Эмел” деген аталышынын тарыхына токтолсоңуз.**

- “Эмел” деген ат Жумгал өрөөнүндөгү белгилүү жайлоонун атынан алынган. Биздин суунун башаты бийик тоодогу мөңгүлөрдөн агып түшөт. Айылга чейин жер алдынан агып келип, союз убагында, тактап айтканда 1978-жылы адистер 214 метр тереңдиктен скважина казышкан. Ошол жерден бүгүнкү күнгө чейин суу чыгып турат. Суунун температурасы 24-25 градус ысык, табигый түрдө газ аралаш чыгат. Андан соң ал атайын фильтрден өткөрүлүп тазаланат. Биз суунун минералдык курамынын сакталуусуна өзгөчө көңүл буруп, бардык процессте мамлекеттик санитардык талаптарга толук жооп беребиз. Акырында суу муздатылып, кошумча газдалат да бөтөлкөлөргө куюлат.

**- Сууну чыгаруудагы техникалык база кандай? Жабдыктарыңыздар талапка жооп береби?**

- Ооба, быйыл, 2025-жылдын май айында жабдыктарыбызды толугу менен жаңылап, Кытайдан жаңы линияларды алып келдик. Бул үчүн Кыргыз-Орус өнүктүрүү фондунан 60 миң доллар насыя алдык. Фонд бизди буга чейин да колдоп, ар дайым жардам берип келет. Азыр мамлекет да өндүрүш ишканаларын колдоп, насыяларды төмөн пайыз менен берип, жергиликтүү бийлик да «Аймактарды өнүктүрүү” саясатынын алкагында бизге жакшы шарт түзүп берүүдө.

Суу өндүрүшүндө жабдыктарды 2–3 жыл сайын жаңылап турбаса, тез эле эскирип, иштен чыгып калат. Жаңы линияларды орноткондон бери өндүрүш толук автоматташтырылып, мурдагыдай көп адам күчү талап кылынбай калды. Натыйжада жумуш жеңилдеп, өндүрүштүн кубаттуулугу кыйла жогорулап, саатына 2500гө жакын бөтөлкө чыгарууга мүмкүнчүлүгүбүз бар.

**- Продукцияңызды таратуу жагы кандай жолго коюлган?**

- Биздин суу азырынча негизинен өлкөнүн түндүк аймагында жакшы өтүп жатат. Аймактардагы дистрибьюторлор түз эле заводго келип, продукцияны алып кетишет да, аны соода түйүндөрүнө жеткиришет. Ошондой эле каалаган адам келип, түз эле заводдон сатып алып кетсе да болот.

Жай айларынан бери борбор шаарыбыздын тургундарынан суроо-талап көбөйгөндүктөн, бул жакта да сатууну уюштуруп жатабыз. Ал эми азыркы заманда социалдык тармаксыз ишти жайылтуу мүмкүн эмес. Ошондуктан “Эмел” суусун таанытуу багытында соцтармактар аркылуу да активдүү иш жүргүзүүдөбүз.

**- Сатууга чыккан продукцияңыздар чыгымын актап жатабы?**

- Ооба, продукцияны сатууда бардык чыгашаларды эсепке алып, анан соода түйүндөрүнө жеткиребиз. Суубуздун баасы да өтө жогору эмес болгондуктан, кардарлар үчүн жеткиликтүү. Биздеги негизги кыйынчылык – борбордон алыс болгондуктан жүк ташуу чыгымдарыбыз көбүрөөк. Ошентсе да рыноктогу баабызды туруктуу кармап келе жатабыз.

Биздин сууну ичип көргөндөр кайрадан сатып алып, туруктуу кардар болуп калышат. “Эмел” суусунун дагы бир артыкчылыгы – скважинадан чыккан жеринен түз эле бөтөлкөгө куюлушу. Кээ бир компаниялар сууну водовоздор аркылуу ташыйт. Мындай учурда суунун минералдык курамы төмөндөп, сапаты да өзгөрүп кетиши мүмкүн. Бизде болсо бул коркунуч жок.

**- Суунун дарылык касиети дарыгерлер тарабынан тастыкталганбы?**

- Албетте. Курортология институтунун адистери биздин суунун пайдалуулугун изилдеп, атайын корутунду беришкен. Алардын айтымында, бул сууну ашказан, боор, ичеги, табарсык жана богок ооруларына пайдалуу деп ичүүгө болот. Айрыкча суунун курамында кальций көп болгондуктан, организмдеги суу балансын калыбына келтирүүгө жардам берет.

**- Бишкектеги ири маркеттерден сууну көрө элекпиз. Алар менен кызматташпай жатасыздарбы?**

- Азырынча биздин негизги өнөктөштөр – базарлардагы сатуучулар жана чакан дүкөн ээлери. Ал эми “Азия”, “Globus” сыяктуу ири маркеттер биз менен кызматташууга шашыла элек. Себеби, биздин бренд азырынча кеңири таанылган эмес. Бирок “Шекер” соода түйүндөрү бизге колдоо көрсөтүп, сууну өз дүкөндөрүндө сатышууда. Көп кардарлар “Силердин сууңарды ири маркеттерден издеп таппай калдык” деп чалышууда. Эми алдыңкы жылдары ишибизди дагы алга жылдырсак, бул дүкөндөр менен да кызматташып каларыбызга ишенем.

**- Айрымдар сиздердин сууну “Боржоми” минералдык суусуна окшоштурушат экен. Бул тууралуу эмне дейсиз?**

- Туура, биздин суу минералдык суулар катарына кирет. Тактап айтканда, хлориддик гидрокарбонат категориясына. “Боржоми” да ушул эле категориядагы суу болгондуктан, курамындагы окшоштуктарды кардарлар байкашат. Ошондуктан айрымдар “Эмелди” “Боржомиге” салыштырып жатышат.





Биздин суунун дагы бир артыкчылыгы – жумшактыгы. Бирок бир жагдайды айта кетсем, суу жер алдынан табигый түрдө келип жаткандыктан, анын курамын биз толук көзөмөлдөй албайбыз. Мисалы, кардарлар “Жазында ичкен суунун даамы башкача эле, жайында өзгөрүп кетиптир” деп айтышат. Бул табигый көрүнүш. Жаратылыштагы аба-ырайынын кургакчыл болушу, жамгырдын көп же аз жаашы, күндүн сууктaшынын баары суунун минералдык курамына таасир этет. Ошондуктан суу куюлган бөтөлкөнүн сыртына “минералдашуу деңгээли мынча граммдан мынча граммга чейин” деп көрсөтүлөт. Бул бир гана биздин сууда эмес, бардык эле минералдык сууларда боло турган табигый процесс.

**- Жергиликтүү ишкерлер үчүн салык системасында кандай кыйынчылыктар бар?**

- Биздин ишкана жеңилдетилген салык системасы боюнча иш алып барат. Салык төлөөдөн тышкары жергиликтүү элге социалдык жардам көрсөтүп туруу да салтыбызга айланган. Мисалы, өткөн жылы биздин ишкана турган Көк-Ой айылына 160 миң сом өлчөмүндө жардам бердик. Быйылтан баштап жергиликтүү бийликтин бюджетине келишимдин негизинде ай сайын 100 миң сом өлчөмүндө социалдык колдоо көрсөтүүдөбүз. Ошондой эле майрамдык даталарда социалдык жактан муктаж үй-бүлөлөргө да колубуздан келген жардамды беребиз.

Азыркы учурда ишканабызда толук кандуу 13 адам эмгектенет. Албетте, алардын бардыгы жергиликтүү тургундар. Аз болсо да айылдаштарга жумуш орунун түзүп берип жаткандыгыбыз биз үчүн чоң сыймык.

**- Ишкананы өнүктүрүү боюнча кандай пландарыңыздар бар?**

- Алдыдагы максаттарыбыз чоң. Буюрса, жакынкы жылдары суубузду айнек идиштерге чыгара баштасакпы деп ойлонуп жатабыз. Анткени айнек идишке куюлган суу өзүнүн табигый сапатын дагы жакшыраак сактайт. Биз үчүн эң негизги сыймык – бул суунун сапаты. Ошондуктан айнек бөтөлкөлөрдү киргизүү менен суубуздун пайдалуулугун жана табигый касиеттерин мурдагыдан да мыктыраак сактап калсак деген ойдобуз.



**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН КУЗОВДОРУН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА ТАШЫП КЕЛҮҮГӨ УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 31-декабрындагы №398 "Автотранспорт каражаттарын легалдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "ДТ Техник" жоопкерчилиги чектелген коому (ИСН 02811201210064), "Шумкар" транспорттук корпорациясы" ачык акционердик коому (ИСН 01709202111559), "Жису" Кытай-Кыргыз биргелешкен автомобиль өндүрүштүк компаниясы" (ИСН 02902202410382), "Шунфа" (ИСН 01706201610209), "Мурат Авто" (ИСН 01010202410378), "Кыргыз Унаа Курулуш" (ИСН 01202201810079), "Меридиан Голд" (ИСН 01812201710299) жоопкерчилиги чектелген коомдору тарабынан ташып келинүүчү, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүү жана чогултуу үчүн багытталган автотранспорт каражаттарынын кузовдорун кошпогондо, ЕАЭБ ТЭИ ТН 8707 10 900 0 коду менен классификацияланууучу автотранспорт каражаттарынын кузовдорун бул токтом күчүнө киргенден кийин үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө Кыргыз Республикасына ташып келүүгө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмунун Катчылыгына жана Евразия экономикалык комиссиясына бул токтомдун 1-пунктуна ылайык автотранспорт каражаттарынын кузовдорун Кыргыз Республикасына ташып келүүгө убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги бул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине бул токтомдун 1-пунктуна ылайык автотранспорт каражаттарынын кузовдорун Кыргыз Республикасына ташып келүүгө убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып келүүгө бөгөт коюуга багытталган зарыл болгон чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-мартындагы №121 "Автотранспорт каражаттарынын кузовдорун Кыргыз Республикасына ташып келүүгө (импорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №633***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 29-ДЕКАБРЫНДАГЫ №733 "НОТАРИАЛДЫК ИШ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

"Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15[1]-главасын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №733 "Нотариалдык иш маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын нотариустары тарабынан нотариалдык иш-аракеттерди жасоо тартиби жөнүндө нускамада:

– 48-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Нотариус арыз ээсинин кайрылуусунан кийин эки жумуш күндүн ичинде нотариалдык иш-аракеттин мыйзамдуулугуна жана максатка ылайыктуулугуна ынануу үчүн берилген документтерди изилдөөгө укуктуу.";

– 56-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Ондолгон документ сканерлөө жолу менен НБМС системасына киргизилет жана электрондук реестрге тиркелет.";

– 76-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"76. Кагаз жүзүндөгү нотариалдык иш-аракеттерди каттоо реестринин 1-графасына электрондук реестрдеги нотариалдык иш-аракеттин уникалдуу номери киргизилет, ал документтерде тиешелүү күбөлөндүрүүчү жазууда көрсөтүлөт.";

– 133-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ажыратылуучу кыймылсыз мүлккө укук белгилөөчү документтен тышкары, нотариус кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоонун Бирдиктүү мамлекеттик реестринен же электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан алынган көчүрмөсүн тиркейт.";

– 135-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"135. Тийиштүү каттоо органынын техникалык паспортунун маалыматы боюнча жер участогунун иш жүзүндөгү өлчөмү укук белгилөөчү документте көрсөтүлгөн жер участогунун өлчөмүнөн ашык же аз болсо, нотариус жер участогунун укук белгилөөчү документтери өлчөмүн көрсөтөт.";

– 172, 173-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"172. Уставдык фондду түзүү же мүлктү уставдык капиталга же юридикалык жактын менчигине өткөрүп берүү жөнүндө келишимди күбөлөндүрүүдө нотариус жеке жактын/юридикалык жактын мүлктү юридикалык жакка өткөрүп берүү боюнча милдеттенмелеринин бар экендигин аныктоого милдеттүү.

Бул үчүн нотариус бүтүмдүн материалдарына төмөнкүлөрдү талап кылат:

– юридикалык жактын катышуучуларынын мүлктү юридикалык жактын менчигине өткөрүп берүү жөнүндө протоколду (чечимди), юридикалык жактын уюмдаштыруучу документтеринин же мүлктү өткөрүп берүүнүн түрүн жана башка шарттарын аныктоочу дыйканчылык (фермердик) чарбалардын биргелешкен мүлкүн түзүү жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндө келишимди;

– эгерде макулдашуунун предмети кыймылсыз мүлк болсо – кыймылсыз мүлккө укуктардын Бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмөнү;

– укук күбөлөндүрүүчү жана/же укук белгилөөчү документтерди;

– жубайынын же башка менчик ээлеринин макулдугу жөнүндө арыз (эгерде мүлк жалпы менчиктин объекти болуп саналса);

– юридикалык жактын уюмдаштыруу документтери.

Нотариус тиешелүү мүлктү кабыл алууга ыйгарым укуктуу юридикалык жактын, анын өкүлүнүн аракетке жөндөмдүүлүгүн текшерет.

Уставдык капиталды түзүү же мүлктү юридикалык жактын менчигине өткөрүп берүү жөнүндө келишим укук белгилөөчү документ болуп саналат, эгерде мүлктү каттоо милдеттүү болсо, анын бир нускасы каттоочу органга өткөрүлүп берилет.

173. Юридикалык жактын бир катышуучусу тарабынан уставдык капиталдын үлүшүн сатууда же ыйгарууда нотариус уставдык капиталдын үлүшүн сатып алуу укугунун артыкчылык укугу жөнүндө талаптардын сакталышын текшерет.

Эгерде тараптар уставдык капиталдын үлүшүн сатуу же баасын түшүрүү жөнүндө макулдашууга келишсе, анда нотариус бүтүмдү сатып алуу-сатуу келишими түрүндө тариздейт.

Эгерде тараптар уставдык капиталдын үлүшүн акысыз өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууга келишсе, анда нотариус бүтүмдү тартуулоо келишими түрүндө тариздейт.

Нотариус тиешелүү мүлктү ээликтен ажыратууга жана/же кабыл алууга ыйгарым укуктуу юридикалык жактын, анын өкүлүнүн аракетке жөндөмдүүлүгүн текшерет.

Жогоруда көрсөтүлгөн бүтүмдөрдүн бирин тариздөөдө нотариус төмөнкү документтерди талап кылат:

– уюмдаштыруу келишимин (же көчүрмөсү);

– коомдун уставын, эгерде катышуучу юридикалык жак болсо;

– уставдык капиталдын жеке же юридикалык жакка таандык экендигин ырастоочу документти;

– эгерде катышуучулардын бири юридикалык жак болсо, чечимди (протоколду, протоколдон көчүрмөнү);

– уставдык капиталдын үлүшүн ажыратууга жубайынын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн макулдугун;

– коомдун башка уюмдаштыруучуларынын үлүштү сатып алууга артыкчылыктуу укугу бар болсо алардын макулдугун;

– Кыймылдуу мүлккө талап кылуу укугунун бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмө.";

– 17-главанын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17-глава. Башка келишимдерди күбөлөндүрүүнүн жалпы шарттары";

– 198-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"198. Кыймылсыз мүлктү ажыратуу менен байланышпаган жана менчик укугунун кыймылсыз мүлккө өтүүсүнө алып келбеген, анын ичинде кыймылдуу мүлктү тескөө жана/же башкаруу, мүлккө башка буюмдук укук менен байланышкан башка келишимдерди күбөлөндүрүүдө нотариус төмөнкүлөрдөн турган документтердин негизги топтомун талап кылат:

– укук белгилөөчү же укук күбөлөндүрүүчү документтин түп нускасын (эгерде келишим менчик укугунун мүлктүн бөлүгүнө өтүүсүнө алып келсе, көчүрмөсү нотариустун көктөмөлөрүндө кала турган). Кыймылдуу мүлккө укук белгилөөчү (укук күбөлөндүрүүчү) документ же болбосо талаптагыдай түрдө тариздебеген укук белгилөөчү (укук күбөлөндүрүүчү) документ жок болгон учурда, болгон жагдайларда башка келишимди түзүүгө тараптардын макулдугу болсо, аны күбөлөндүрүүгө жол берилет;

– эгерде мүлк чогуу никеде турган убакта сатып алынса жубайынын, ошондой эле эгерде мүлк жалпы менчикте болсо, чогуу ээлик кылуучулары менчик ээлеринин макулдугун. Эгерде мүлк жалпы үлүштүк менчикте болсо, бүтүм Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 270-беренесинин жоболорун эске алуу менен нотариус тарабынан күбөлөндүрүлөт. Жалпы үлүштүк менчик укугундагы үлүштү тартуулоодо башка үлүштүк менчик ээлеринин макулдугу талап кылынбайт;

– эгерде бүтүмдүн тарабы юридикалык жак болсо, ыйгарым укуктуу органдын чечимин, уставдык документтердин көчүрмөлөрүн же алардан көчүрмө бөлүктөрдү, өкүлдүн ыйгарым укуктарын ырастоочу документтерди.

Нотариус бүтүмдүн түрүнө жана татаалдыгына жараша нотариалдык иш-аракеттердин толуктугу жана талашсыздыгы үчүн керек болгон документтерди кошумча талап кылууга укуктуу.

Ушул Нускама менен тариздөөнүн башка тартиби белгиленген келишимдерди кошпогондо, башка келишимдер кайсы болбосун нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү мүмкүн.";

– 224-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3, 4-пунктчалар менен толуктaлсын:

"3) объектинин курулуп жаткан объекттердин реестрине киргизилгендиги жөнүндө ырастаманы;

4) камакка алуу же башка чектөөлөрдүн бар экендиги же жоктугу жөнүндө маалыматтарды.";

– 238-пункттун биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Карын энелик келишим балалуу болууну каалаган адамдар/адам менен түйүлдүктү көтөрүү жана бала төрөө максатында жасалма уруктандыруу же башка эмбрионду имплантациялоо методун колдонууга макулдугун берген аялдын (карын энени) ортосунда түзүлөт.";

– 311-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы сүйлөм менен толукталсын: "Бул эреже ломбарддардын күрөө билеттерине аткаруу жазуусу жазылган учурларда колдонулбайт.";

– 367, 368-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"367. Нотариус Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде, "Тышкы миграция жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинде каралган учурларда макулдугун күбөлөндүрөт.

Мындай макулдуктарга төмөнкүлөр кирет:

– биргелешкен менчиктин катышуучуларынын бүтүм жасоого макулдугу;

– кыймылсыз мүлктү тескөө боюнча бүтүмдөрдү жана мыйзамда белгиленген тартипте нотариалдык күбөлөндүрүүнү жана (же) каттоону талап кылган бүтүмдөрдү башка жубайы жасашы үчүн жубайынын макулдугу;

– карын эне болуу келишимин түзүүгө жубайынын макулдугу;

– жеке ишкердикти жүзөгө ашыруу үчүн жубайлардын жалпы мүлкүн пайдаланууга жубайынын макулдугу;

– банктык займ келишимин камсыз кылууга сунушталган күрөөнүн келип чыгышын жана өзгөрүшүн каттоого күрөө коюучунун макулдугу;

– кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоодо киргизилген каталарды оңдоого кызыкдар жактардын макулдугу;

– жашы жетпеген жарандын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары коштоосуз чыгып кетүүсүнө ата-энесинин, асырап алуучулардын, камкорчулардын же көзөмөлчүлөрдүн макулдугу;

– он сегиз жашка чыга элек адамдардын ата-энесинин бири (камкорчу, көзөмөлчү) менен бирдикте туруктуу жашоого жана/же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгууга ата-энесинин макулдугу;

– 14төн 18 жашка чейинки курактагы баланын Кыргыз Республикасында туруктуу жашоого макулдугу;

– эгерде пландаштырылган жайларды (турак үйдүн бөлүктөрүн) реконструкциялоо (кайра пландаштыруу, кайра жаб-

*(Уландысы 11-бетте)*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 29-ДЕКАБРЫНДАГЫ №733 "НОТАРИАЛДЫК ИШ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

*(Башталышы 10-бетте)*

дуу) же жайлардын чек араларын которуу алардын кызыкчылыктарын козгосо, өзгөртүлүүчү жайлар (үйдүн бөлүктөрү) менен чектеш жайлардын (үйдүн бөлүктөрүнүн) менчик ээлеринин макулдугу;

– менчик ээлеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка макулдуктары.

368. Макулдукту күбөлөндүрүү бүтүмдөрдү күбөлөндүрүүнүн жалпы эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт.

Макулдукта "Макулдук" документинин аталышы, макулдук күбөлүгүнүн орду жана датасы; макулдукка кол койгон (кол коюшкан) адамдын (адамдардын) фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), жеке идентификациялык номери, туулган датасы жана жери, жашаган же турган жери көрсөтүлөт.

Макулдук нотариус тарабынан эки нускада күбөлөндүрүлөт, алардын бири нотариустун көктөмөлөрүндө сакталат. Бир макулдукту ага кол койгон адамдардын санына карабастан күбөлөндүрүү бир нотариалдык иш-аракет болуп саналат.

Жакын туугандарына жана жубайларына карата макулдукту күбөлөндүрүүдө туугандык жана никелешүү мамилелерди ырастаган документтер текшерилет, алардын көчүрмөлөрү көктөмгө тиркелет.

Нотариус макулдук берилип жаткан конкреттүү мүлктү көрсөтүү менен жубайлардын макулдугун күбөлөндүрөт.";

– 380-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Нотариус мурастоо ишинин ачылышы жөнүндө маалыматты нотариалдык палаталардын же чет мамлекеттердин компетенттүү органдарынын мурастоо иштеринин ачык сайттарынан алууга укуктуу.";

– 384-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Арыз кириш корреспонденция журналына катталат, бул учурда мураскор мурасты кабыл алды деп эсептелинет.";

– 388-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"388. Бир мурас калтыруучуга бир нече мурас көктөмөсүн ачуудан качуу үчүн нотариус НБМСте ачылган мурастоо ишинин бар экендигин текшерүүгө милдеттүү.

Нотариус мурас иши ачылгандыгы жөнүндө маалыматты НБМСке киргизүүгө милдеттүү.";

– 393-пунктта "Улуттук паспорттор базасынын электрондук системасынан, "Түндүк" мобилдик тиркемесинен, "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системасынан," деген сөздөр ""Түндүк" электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан, "Паспорт", "Адрес-маалымат бюросу", "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системаларынан," деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 395-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"395. Мурас калтыруучунун каза болгондугу фактысы жана мурасты ачуу убактысы анын каза болгондугу жөнүндө күбөлүк, каза болгондугу жөнүндө акт жазуусунан көчүрмө, каза болгондугу фактысын аныктоо жөнүндө соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими, медициналык мекеме тарабынан белгиленген форма боюнча берилген каза болгондугу жөнүндө медициналык күбөлүк менен ырасталат.

Каза болгондугу жөнүндө медициналык күбөлүктү же соттун чечимин кабыл алгандан кийин нотариус арыз ээсине ыйгарым укуктуу органдардан же консулдук мекемелерден каза болгондугу жөнүндө күбөлүктү алууну сунуш кылат.";

– 396-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Нотариус аны мурас калтыруучунун багуусунда же эмгекке жарамсыз деп таануу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечимин талап кылууга укуктуу.";

– 401-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) кыймылсыз мүлктүн мурас калтыруучуга таандык экендиги жөнүндө укук белгилөөчү же укук күбөлөндүрүүчү документтерди;";

– 419-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"419. Жубайлардын никеде турган мамилелеринин болгондугу нотариус тарабынан никелешүү тууралуу күбөлүктүн же актылык жазуудан көчүрмөнүн негизинде аныкталат.";

– 476-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Мураска иш жүзүндө киргенин жана/же мурасты кабыл алганын ырастаган документтер төмөнкүлөр болушу мүмкүн: "Түндүк" электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан, "Паспорт", "Адрес-маалымат бюросу", "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системаларынан алынган каза болгон учурда мураскор менен мурас калтыруучу чогуу жашагандыгы жөнүндө маалымат, каза болгон адамдын коммуналдык кызматтарын, мүлк салыктарын, башка милдеттүү төлөмдөрүн төлөгөндүгүн ырастаган квитанциялар же чектер; кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары, үйдүн/машинанын/гараждын ачкычтары, ижара келишимдери, мурас мүлкүн оңдоо, коргоо, күбөлөрдү сурамжылоо протоколдору, башка мураскорлордун жазуу жүзүндөгү ырастамалары, мурасты кабыл алуу же мураска кирүү фактысын белгилөө жөнүндө соттун чечимдери.";

– төмөнкүдөй мазмундагы 43-глава менен толукталсын:

"43-глава. Буйрук өндүрүшү

505. Буйрук өндүрүшү "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-главасы менен жөнгө салынат.

506. Нотариалдык буйрукту чыгаруу ырааттуулугу буйрук өндүрүшүнүн төмөнкү баскычтарын карайт:

– арызды өндүрүшкө кабыл алуу;

– арызды кабыл алуудан баш тартуу;

– нотариалдык буйрукту чыгаруу;

– карызкорго кабарлоо;

– карызкордун каршы пикирлери алынган учурда нотариалдык буйрукту жокко чыгаруу;

– нотариалдык буйрукту жокко чыгаруудан баш тартуу.

507. Буйрук өндүрүшүн козгоо буйрук ишин ачууну же буйрукту берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартууну камтыйт.

508. Буйрук ишин ачуу же буйрукту берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартуу нотариус тарабынан үч күндүк мөөнөттө жүргүзүлөт.

509. Эгерде акыркы күн дем алыш же майрам күндөрүнө туш келсе, анда берүү же баш тартуу жөнүндө буйрук кийинки жумуш күнү чыгарылат.

510. Нотариалдык буйрукту чыгаруу жөнүндө арыз карызкордун жашаган жери же турган жери боюнча нотариуска берилет. Алимент өндүрүү жөнүндө арыз өндүрүп алуучунун жашаган жери боюнча берилиши жана көрсөтүлүшү мүмкүн.

511. Арызды өндүрүп алуучунун өкүлү берген учурда нотариус ишеним каттын негизинде ыйгарым укуктарды текшерет.

512. Юридикалык жак кайрылган учурда нотариус өндүрүп алуучунун атынан иш алып барууга өкүлдүн укугун ырастаган, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын бар экенин текшерет.

513. Нотариалдык буйрукту берүү жөнүндө арыз машинада басылган текст түрүндө берилип, буйрук өндүрүшүнүн иштерин эсепке алуу журналына катталат. Эгерде арыз почта аркылуу келип түшкөн же башка адам тарабынан берилген болсо, бирок арыздагы арыз ээсинин колунун аныктыгы нотариалдык жактан күбөлөндүрүлбөсө, арыз нотариус тарабынан кабыл алынууга тийиш, ал эми арыз ээсине талаптагыдай тариздеген арызды жөнөтүү же нотариуска жеке өзү келүү сунушталат.

514. Нотариус "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $100^4$-беренесинде саналып өткөн арыздын формасына жана мазмунуна коюлган талаптардын сакталышын текшерет. Эгерде буйрукту берүү жөнүндө арыздын формасы жана мазмуну боюнча кемчиликтер болсо, анда нотариус "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $100^5$-беренесинде көрсөтүлгөн негиздерди санап өтүү менен буйрукту берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

515. Буйрук өндүрүшү карызкорго карата талап боюнча буйрукту берүү жөнүндө ар бир берилген арызга түзүлөт.

516. "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $100^2$-беренесинин 1, 2, 3, 5, 6-пункттарында саналып өткөн, билдирилген талаптар боюнча ырастоочу документтер нотариуска түп нускада берилет. Талаптагыдай тариздelген дубликаттар түп нускага теңештирилет жана эгерде алар нотариустун алардын талашсыздыгы боюнча шектенүүсүн пайда кылбаса, өндүрүшкө кабыл алынат.

517. Нотариус карызкордун жашаган жерин жана/же турган жерин катталган жери же иш жүзүндө жашаган жери боюнча "Түндүк" электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан, "Паспорт", "Адрес-маалымат бюросу", "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системаларынан, юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) электрондук реестринен алынган маалымкаттардын негизинде аныктайт.

518. Нотариус Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан карызкорлорго карата буйруктарды бербейт.

519. Буйрукту берүү жөнүндө арыз берилгенге чейин мамлекеттик алымды төлөө жүргүзүлөт жана төлөнгөндүгү тууралуу маалымат тиркелген документтердин тизмегинде көрсөтүлөт.

520. Алиментти жана эсептелген эмгек акыны өндүрүү жөнүндө талаптар боюнча мамлекеттик алым карызкордон өндүрүлөт, бул тууралуу буйрукта көрсөтүлөт, буйруктун нускасы аткаруу үчүн жөнөтүлөт.

521. Мамлекеттик алымды төлөгөндүгү тууралуу квитанция арыз ээсине кайтарылып берилет, ал аны сотто доо өндүрүшүнө тиркөө жөнүндө өтүнүүгө укуктуу. Арыз ээси төлөнгөн алымдан мамлекеттин кирешесине баш тартууга укуктуу.

522. Арызды кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө токтомдо кемчиликтерди жоюу арыз ээсине нотариалдык буйрукту берүү жөнүндө жаңы арыз менен кайрылууга же доо өндүрүшү тартибинде сотко кайрылууга тоскоол болбой тургандыгы түшүндүрүлүшү керек.

Нотариалдык буйрукту берүү боюнча нотариалдык иш-аракетти жасоону кийинкиге калтырууга, ошондой эле токтото турууга жол берилбейт.

523. Буйрук тараптарды чакырбастан чыгарылат. Буйрук чыгаруу үчүн негиздер чеңемдик укуктук актыларга шилтеме менен буйрукта көрсөтүлөт.

Эгерде нотариалдык буйрук бир нече тилектеш карызкордун пайдасына кабыл алынса, анда өндүрүп алуучунун өтүнүчү боюнча нотариус тилектеш карызкорлордун саны боюнча нотариалдык буйруктардын бир нече нускасын берет.

524. Карыздын суммасынын, мамлекеттик алымдын өлчөмү арыз ээси тарабынан алдын ала эсептелет жана нотариус тарабынан текшерилет.

525. Нотариалдык буйруктун көчүрмөсү чыгарылган күндөн кийинки күндөн кечиктирилбестен кайра кабарлоо менен карызкорго жөнөтүлөт. Нотариус кайрылган адамдын арызы боюнча буйруктун көчүрмөсүн жеке өзү тапшырууга же "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 92-беренесинде каралган башка нотариалдык иш-аракетти ишке ашыруу жолу менен берүүгө укуктуу.

526. Карызкор буйруктун көчүрмөсүн алган датадан тартып он күндүн ичинде нотариалдык буйрукка жазуу жүзүндө каршы пикирин билдирүүгө укуктуу. Каршы пикир кириш корреспонденция журналына катталат жана буйрук өндүрүшүнө тиркелет. Алынган каршы пикирлер жүйөлөргө карабастан, нотариалдык буйрукту жокко чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

527. Карызкор тарабынан белгиленген он күндүк мөөнөттө билдирилген талаптарга каршы пикирлер келип түшкөн учурда, нотариус буйрукту жокко чыгарууга милдеттүү. Бул учурда нотариус буйрукту жокко чыгаруу жөнүндө токтом чыгарат жана өндүрүп алуучуга доо өндүрүшү тартибинде сотко кайрылууга укуктуу экенин түшүндүрөт.

Арыз ээсинин арызы боюнча нотариалдык буйрукту жокко чыгарууга жол берилбейт.

528. Нотариалдык буйрукту жокко чыгаруу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү коштомо кат менен буйрук өндүрүшүнүн тараптарына чыгарылгандан кийин үч күндөн кечиктирилбестен жиберилет.

529. Электрондук реестрге чыгарылган датасын жана чыгыш номерин көрсөтүү менен нотариалдык буйруктун жокко чыгарылгандыгы жөнүндө белги коюлат. Буйрук өндүрүшүнүн иштерин эсепке алуу журналына буйрук ишинин тиешелүү номерине окшош жазуу жазылат.

530. "Нотариат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17 жана 18-беренелеринин негизинде нотариустун лицензиясы убактылуу токтотулган, токтотулган же кайра чакыртылган учурларда буйрук өндүрүшүнүн аягына чыкпаган иштери Нотариалдык палатанын чечими боюнча башка нотариуска өткөрүлүп берилет.

531. Эгерде белгиленген мөөнөттө карызкордон нотариуска каршы пикирлер келип түшпесе, нотариус өндүрүп алуучуга гербдүү мөөр менен күбөлөндүрүлгөн нотариалдык буйруктун нускасын берет же почталык тапшырык менен жөнөтөт.

532. Нотариалдык иш-аракеттерди каттоо реестрине нотариалдык буйрук өндүрүп алуучунун атына катталат жана "алгандыгына тил кат" графасында жөнөтүү жөнүндө маалыматтар – почталык жөнөтүү квитанциясынын номери жана датасы же почта бөлүмү тарабынан берилген кат кыймылынын штрих-коду көрсөтүлөт.

533. Нотариус өндүрүп алуучунун өтүнүчү боюнча буйрукту коштомо кат менен өндүрүп алуучунун жазуу жүзүндөгү өтүнүчүн тиркөө менен сот аткаруучуга аткарууга жиберет.

534. Карызкордон мамлекеттик алымды мамлекеттин кирешесине өндүрүп алуу үчүн нотариус тарабынан аткаруу үчүн ыйгарым укуктуу органга нотариалдык буйруктун нускасы жиберилет.

535. Мамлекеттик алымды кайтарып берүү жөнүндө арыз Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине нотариалдык буйруктун көчүрмөсү жана аны жокко чыгаруу жөнүндө токтом тиркелип жиберилет.

536. Арызды кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө токтом, нотариалдык буйрукту жокко чыгаруу жөнүндө токтом, нотариалдык буйрукту жокко чыгаруудан баш тартуу жөнүндө токтом өз алдынча нотариалдык иш-аракеттер болуп эсептелбейт. Токтомдо буйрук ишинин номерине, жылына жана электрондук система тарабынан ыйгарылган нотариалдык иш-аракеттин (нотариалдык буйруктун) уникалдуу номерине шилтеме көрсөтүлөт.

537. Токтом үч бөлүктөн турат: киришүү, баяндоо жана резолюциялык. Киришүү бөлүгүндө нотариустун толук маалыматтары көрсөтүлөт, баяндоо бөлүгүндө – талаптын маңызы жана материалдык жана процесстик укукка шилтеме келтирилет, резолюция "токтом кылды" түрүндө билдирилет. Резолюциялык бөлүктө нотариус өндүрүп алуучунун жана карызкордун толук жана так маалыматтарын, акчалай суммалардын өлчөмүн, мамлекеттик алымдын суммасын, аткаруу органы үчүн кайтарып берүү жөнүндө негиз болушу мүмкүн болгон андагы каталарды жазат.

Эгерде нотариалдык буйрукта одоно каталар же одоно арифметикалык жана башка техникалык каталар кетирилген болсо, нотариус нотариалдык буйрукка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтом чыгарат. Токтом сканерден өткөрүлөт жана НБМСке тиркелет, көчүрмөсү буйрук өндүрүшүнүн ишине көктөлөт.

538. Мамлекеттик алымды кайтарып берүү жөнүндө квитанция, арыз, буйрук, токтом, билдирүү, кат алышуу жана башка документтер буйрук өндүрүшүнүн ишине түзүлөт.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-октябры, №634***

## АРХЕОЛОГИЯЛЫК ТАЛАА ИЗИЛДӨӨЛӨРҮН ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА АЧЫК БАРАКТАРДЫ БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

«Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Археологиялык талаа изилдөөлөрүн жүргүзүү жана Ачык барактарды берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-октябры, №635***

## АЙРЫМ СУУ САКТАГЫЧТАРДА БАЛЫКТЫ ӨНДҮРМӨЛҮК КАРМООГО МОРАТОРИЙ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Балык запастарын сактоо, көбөйтүү, балык чарба көлмөлөрүндө балыктардын жашоо чөйрөсүн жана көбөйүү шарттарын жакшыртуу максатында, "Аквакультура, балык уулоо жана суу биологиялык ресурстарды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктчасына, 38-беренесине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат**:

**1.** Мамлекеттик маанидеги балык чарба суу көлмөлөрү: Токтогул, Базар-Коргон, Күрп-Сай, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, Үч-Коргон жана Киров суу сактагычтарында (мындан ары – суу сактагычтар) жашаган балыктардын бардык түрлөрүн өндүрмөлүк кармоого (уулоого), ташууга, сатууга, сактоого, сатып алууга жана ташып чыгууга, төмөнкү учурлардан тышкары үч жылдык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жарыялансын:

1) садоктук балык өстүрүүнү жүзөгө ашыруу;

2) ышкыбоздук жана спорттук балык уулоону уюштуруу жана өткөрүү;

3) балык запастарын жасалма өндүрүп чыгаруу боюнча бекитилген ар жылдык пландык иштерди жүргүзүү;

4) илимий изилдөө иш-чараларын жана балык популяциясынын абалына ихтиологиялык мониторинг жүргүзүү.

**2.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги:

1) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн суу сактагычтарда балык кармоого (уулоого) балык уулоо документтерин берүүнү төмөнкүлөрдү жүргүзүү учурларынан тышкары үч жылдык мөөнөткө убактылуу токтотуп турсун:

– балык запастарын жасалма өндүрүп чыгаруу боюнча белгиленген тартипте бекитилген жана макулдашылган пландык иштерди;

– илимий-изилдөө иш-чараларын, суу биологиялык ресурстарынын абалына ихтиологиялык мониторингди;

– ышкыбоздук жана спорттук балык уулоонун уюшкан формаларын;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институту менен бирдикте ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн суу сактагычтардагы сырьелук балык запастарынын абалына жыл сайын илимий ихтиологиялык изилдөөлөрдү жана мониторингди жүргүзүү жолу менен балык запастарын сактоого жана көбөйтүүгө белгиленген мораторийдин таасирин баалоо боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылсын;

3) мораторий мезгилинде ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн суу сактагычтарды балыктандырууну жана балык запастарын көбөйтүү максатында балыктын карп жана өсүмдүк жей турган түрлөрүн жасалма өндүрүп чыгаруу боюнча иштерди үзгүлтүксүз жүргүзсүн;

4) жыл сайын 1-декабрга чейинки мөөнөттө ушул токтомдун аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн суу сактагычтарда мыйзамсыз балык кармоо (уулоо) жана браконьерлик учурларын болтурбоо маселелери боюнча жаратылышты коргоо, укук коргоо органдары менен Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Талас облустарынын жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттерин координациялоону камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн суу сактагычтарда браконьерлик учурларын токтотуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүдө ар тараптан көмөк көрсөтсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-октябры, №636***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы №145 "Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссия жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Окумуштуулук наамдарды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы №16 "Чет өлкөлөрдөн берилген философия доктору академиялык даражаларынын (PhD) дипломдорун Кыргыз Республикасында нострификациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №671 "Чет мамлекеттерде берилген хабилитацияланган доктор (Dr.Habil) жогорку академиялык даражасынын дипломдорун Кыргыз Республикасында нострификациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому.

**3.** Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги бул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-октябры, №637***

## "БАРДЫК СЕЗОНДОГУ "АЛА-ТОО РЕЗОРТ" ТОО КЛАСТЕРИ" МАМЛЕКЕТТИК МААНИДЕГИ ДОЛБООРУН ИШКЕ АШЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

"Бардык сезондогу "Ала-Тоо Резорт" тоо кластери" мамлекеттик маанидеги долбоорун өз убагында жана сапаттуу ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү максатында, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" жана "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Ала-Тоо Резорт" мамлекеттик ишканасы (мындан ары – "Ала-Тоо Резорт" МИ) мамлекеттик менчиктеги 100 пайыз акцияларын сактоо менен жана уставдык капиталын белгиленген тартипте аныктоо менен "Ала-Тоо Резорт" ачык акционердик коомуна (мындан ары – "Ала-Тоо Резорт" ААК) өзгөртүп түзүү жолу менен кайра уюштурулсун.

**2.** "Ала-Тоо Резорт" ААК бардык укуктары жана милдеттенмелери боюнча "Ала-Тоо Резорт" МИнин укук улантуучусу болуп саналат деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы № 999-VII "2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасын бекитүү жана "Мамлекеттештирилген объекттерди натыйжалуу башкаруу жана тескөө боюнча программаны бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 8-июлундагы № 941-V токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасына "Ала-Тоо Резорт" МИни киргизсин.

**4**. "Ала-Тоо Резорт" ААКта акционер катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу боюнча функциялар Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине жүктөлсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

1) "Ала-Тоо Резорт" ААКты Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоо жол-жобосун камсыз кылсын;

2) өткөрүп берүү актысын бекитүүнү белгиленген тартипте камсыз кылсын;

3) "Ала-Тоо Резорт" ачык акционердик коомунун уставын бекитсин;

4) "Ала-Тоо Резорт" ААКтын акцияларын уюмдаштырып чыгаруунун баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда мамлекеттик каттоону камсыз кылсын;

5) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен биргеликте "Ала-Тоо Резорт" МИни "Ала-Тоо Резорт" ААКка өзгөртүп түзүү боюнча иш-чаралардын комплексин белгиленген тартипте ишке ашырсын, анын ичинде түзүлүп жаткан ачык акционердик коомдун уставдык капиталына андан ары салуу үчүн "Ала-Тоо Резорт" МИнин активдерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте инвентаризациялоону жана баалоону жүргүзсүн.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинде:

– 57-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $10^2$-пунктча менен толукталсын:

"$10^2$) объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо, капиталдык ондоо жана бардык сезондогу тоо-лыжа кластеринин инфраструктуралык объекттерин куруу жана модернизациялоо чөйрөсүндөгү долбоорлорду жүзөгө ашыруудa келип чыгуучу башка милдеттерди ишке ашыруу менен байланышкан маселелерди оперативдүү (мөөнөттүү) чечүү үчүн зарыл болгон товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен сатып алуу;".

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик "Ала-Тоо Резорт" ААКты Бишкек шаары, Логвиненко көчөсү, 55 а дарегинде жайгашкан имаратка жайгаштырсын.

**9.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**10.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-октябры, №638***

## АТМОСФЕРАЛЫК АБАНЫ КОРГОО БОЮНЧА АЙРЫМ ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

